**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Б.ОСМОНОВ атындагы ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМинин МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А. АЛИЕВ атындагы АКАДЕМИЯСЫ**

Д 12.23.668 диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*
*УДК:342.56(575.2)(043.3)*

**Абдикерим кызы Гулбарчын**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АДВОКАТУРА ИНСТИТУТУ: УЮШТУРУУЧУЛУК УКУКТУК КӨЙГӨЙЛӨР

12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл,
укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу

Юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек, 2023**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кылмыш-жаза укугу жана процесси кафедрасында аткарылган

| | |
|---|---|
| **Илимий консультант** | **Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна** юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын башкы илимий кызматкери. |
| **Расмий оппоненттер:** | **Алымбеков Бактыбек Маданбекович**, юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин, юриспруденция жана эл аралык укук кафедрасынын профессору. |
| | **Тыныбеков Сериккали Тыныбекович**, юридика илимдеринин доктору, профессор, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин жарандык укук жана жарандык процесс, эмгек укугу кафедрасынын башчысы. |
| | **Булеулиев Бахтияр Тулегенович**, юридика илимдеринин доктору, профессор, Казак экономика, финансы жана эл аралык соода университетинин («Есиль» университети) профессору. |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Д.А.Кунаев атындагы Евразия юридикалык академиясынын жазык-укуктук дисциплиналар жана укук коргоо ишмердүүлүгү кафедрасы (дареги: 50022, Алматы ш., Курмангазы көчөсү, 107). |

Диссертациялык иш 2023-жылдын «27» октябрында саат 10.00 дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Академиясына караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 12.23.668 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев, көчөсү 132; конференц-зал (209-ауд.). Видеоконференцияга шилтеме: https://vc.vak.kg/b/122-sts-08l-l3b

Диссертациялык иш менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин А. Табалдиев атындагы (720024, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек Жолу көч., 394), Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (720000, Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 47) жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы Академиясынын (720083, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ч. Валиханов көч., 1 «А») китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин https://vak.kg/diss_sovety/d-12-23-668/ сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2023-жылдын «27 » сентябрында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору, доцент** **Абдукаримова Н. Э.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасындагы адвокатура институтунун ролунун мааниси бүгүнкү күндө көптөгөн мамлекеттерде болуп жаткан ааламдашуу жана интеграция процесстери менен, ошондой эле укуктук мамилелерди модернизациялоо жана адам менен жарандын жеке укугун, эркиндигин жана кызыкчылыктарын коргоо механизмдерин жакшыртуу жолу менен укуктун үстөмдүгүн камсыз кылуу аракети аркылуу аныкталат.

Андыктан мыйзам деңгээлинде укук коргоочу катары расмий түрдө бекитилген жарандык коомдун маанилүү институттарынын бири болуп адвокатура эсептелери негиздүү болуп саналат, ал ишеним көрсөтүүчүлөрдүн укугун жана эркиндигин коргоо боюнча конституциялык системанын негизги звеносун түзөт.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү системасынын тегерегинде бүгүнкү күнгө чейин дискуссия уланып келгендиги, Кыргыз Республикасында адвокатуранын болушунун уюштуруучулук-укуктук көйгөйлөрү жана адвокаттын ишмердигинин практикалык чөйрөсүндө адамдын укугу жана эркиндигин коргоо көйгөлөрүн чечүүдө баалуулук багыттарынын бир канчасы боюнча талаштар тынчыбай келгендиги кокусунан эмес, булардын бардыгы ар түрдүү булактардагы талаш позицияларды изилдөөгө карата ар кандай ыкмаларды карап чыгуу зарылдыгын талап кылат.

Мындан тышкары, биз тандап алган изилдөө темасынын актуалдуулугу төмөнкү факторлор менен аныкталат: биринчиден, 2014-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамы *[Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамы (2023-жылдын 28-февралындагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://online.zakon.kz /m/Document/?doc_id=31579659]* күчүнө киргенге чейин коом менен мамлекеттин алдында турган бир нече милдеттерди чечүүгө өбөлгө болгону шексиз, бирок муну менен бирге учурдагы реалийлерге негизделүү менен чечилбеген көйгөйлөр дагы деле бар экенин белгилеп кетүү керек, бул болсо баарынан мурда Кыргыз Республикасынын конституциялык жоболорунун комплексин ишке ашыруу менен да, аталган мыйзамда көрсөтүлгөн уюштуруучулук жоболор жана принциптерди ишке ашыруу менен да байланыштуу. *Экинчиден*, адвокаттык ишмердиктин жакшыртылышы, соттук-укуктук реформа менен, айрыкча (биздин теманын алкагында) жазык-процесстик мыйзам чыгаруу чөйрөсүндөгү соттук-укуктук реформа менен байланыштуу болушу керектигин эске алуу зарыл. Мисалы, 2019-жылдын КР ЖПКсынын ченемдериндеги өзгөртүүлөргө байланыштуу, 2021-жылдын 1-декабрда күчүнө кирген жаңы КР КЖПКсынын, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамында, Адвокаттардын кесипкөй этикасы жөнүндө кодексинде ишмердиктин жаңы багыттары эске

алынган эмес, алар укуктук кызматтарды көрсөтүү боюнча адвокатура институтун андан ары өнүктүрүү жана коллизияларды жоюу максатында каралышы керек эле. *Үчүнчүдөн*, мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын (мындан ары - МКЮЖ) азыркы системасын өнүктүрүүгө бир кыйла таасир тийгизген, күчүнө кирген «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамды эске албай коюуга болбойт *[2022-жылдын 10-августундагы №91 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы -[Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://online.zakon.kz/Document/?doc_id=35272921&]* ошону менен бирге, укук колдонуу практикасынын өткөн мезгилинде бир жагынан анын жоболорун ишке ашыруунун натыйжалуу механизмине тоскоолдук кылган айрым көйгөлүү аспектилер келип чыкса, экинчи жагынан, кабыл алынган жана күчүнө кирген, адвокаттык ишмердикке тиешелүү бир канча ченемдерди, кодекстерди мыйзамдык жактан тариздөөнүн улантылып жаткан контекстинде мамлекеттик жазык-укуктук саясат чөйрөсүндөгү байкалган тенденцияларды эске алуу менен келип чыккан кемчиликтер бир канча жоболорду иштеп чыгууну жана кабыл алууну талап кылат. *Төртүнчүдөн*, мыйзам чыгаруучу тарабынан адвокаттык ишмердикке тиешелүү Мыйзамдын жоболоруна бирдиктүү мамиле кылуу чаралары каралган, муну менен бирге адвокаттык коомчулукка мониторинг кылуу жана бир нече булактарга жасалган контент-анализ төмөндөгү сыяктуу көйгөйлөрдүн бар экендигин тастыктады, атап айтканда, а) кесиптик милдеттерин аткаруу учурунда адвокаттын укугунун бузулушу (мисалы, кесиптик сырга карата кол салуу, адвокаттын көз карандысыздык кепилдигинин укук коргоо органдары тарабынан бузулушу, ишенимдүү адам менен сүйлөшүүнүн купуялуулугуна тоскоолдук кылуу ж.б.); б) адвокаттын маккамы менен байланышкан көйгөйлөр (мисалы: тараптардын атаандаштык принциптерин ишке ашыруу боюнча тоскоолдуктар, анткени коргоо тарабынан далилдерди жыйноо механизми жана тартиби менен байланышкан маселелер мыйзамдык жактан жөнгө салынган эмес; в) «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамга киргизилбеген принциптерди ишке ашыруу боюнча келип чыгуучу көйгөйлөр *[2022-жылдын 10-августундагы №91 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы -[Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://online.zakon.kz /Document/?doc_id=35272921&]* жана «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамы *[Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамы (2023-жылдын 28-февралындагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) -[Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://online.zakon.kz /m/Document/?doc_id=31579659]* адвокат өзүнүн кызматтык милдеттерин алып салган учурда ж.б.); в) уюштуруучулук-укуктук көйгөйлөр, анын ичинде мамлекеттик органдардын адвокаттык ишмердикке таасир этүү жана

ага карата контролду күчөтүү аракеттери менен байланышкан көйгөйлөр. *Бешинчиден*, адамдын укугун жана эркиндигин коргоонун конституциялык системасынын негизги звеносу болуп эсептелген адвокатура институту жөнүндө топтолгон билимдердин жетишерлик деңгээлде системага салынбагандыгы юридикалык коомчулукка бүгүнкү күнгө чейин адвокатура жөнүндө илимдин жана адвокаттык ишмердиктин төмөнкүлөр үчүн негиз боло турган жаңы интегралдык теориясын иштеп чыгууга мүмкүндүк түзгөн жок: таануунун объектилери жөнүндө бирдиктүү түшүнүктү, анын эталондук белгилерин аныктоо, мындай билимдердин келип чыгуу жана өнүгүүсүнүн объективдүү процесстерин изилдөө. *Алтынчыдан*, Кыргыз Республикасынын адвокатурасы Кыргызстандагы юридикалык талаштарды жөнгө салуу боюнча элдештирүү багытынын калыптанышына тиешелүү салымын кошпой келгендигин белгилебей кетүүгө болбойт.

Коомдогу жаңжалдык чыңалуунун жогорку деңгээли, ошондой эле мамлекеттик укуктук системанын учурдагы көйгөйлөрү адвокаттык коомчулуктан талашты альтернативалуу чечүүнүн инновациялык жана келечектүү багытын колдоону жана өнүктүрүүнү, ошондой эле адвокаттарга медиация жүргүзүүнү талап кылат. Бул болсо профессионал медиаторлордун корпусун түзүү боюнча чараларды кабыл алуу, ошондой эле адвокаттык ишмердиктин жаңы түрү аткарыла турган шарттарды издөө жана камсыз кылуу максатында адвокаттык ишмердикти жөнгө салуучу мыйзамдын бир канча жоболорун карап чыгуу зарылдыгын пайда кылат.

Жогоруда берилгендердин негизинде, Кыргызстандагы адвокаттык ишмердикти уюштуруу жана ишке ашырууга байланышкан укуктун түрдүү тармактарындагы тармактык мыйзамдардын, конституциялык мүнөздөгү ченемдик актылардын бар экендигине карабастан, чечилүүнү талап кылган көйгөйлүү маселелердин бир далайы ордунан жылбай турат.

Мындан тышкары, акыркы он жылдыкта мыйзам чыгаруудагы өзгөртүүлөр, учурдагы ыкмалар адвокатура институтун түзүүчүлөрдүн бир канчасын жаңыртуу зарылдыгын шарттай турганын эске алуу керек, бул болсо укук коргоо инструментин түзүү жана өнүктүрүү максатында комплекстүү жана максаттуу изилдөө жүргүзүү аркылуу аны уюштуруунун жана ишмердигинин аярлуу жактарын көрсөтүүнү талап кылат.

Жогоруда чагылдырылган жагдайлар бул изилдөөнүн актуалдуулугун божомолдойт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы**. Диссертациялык изилдөө автордун демилгелүү иши болуп саналат жана ал адвокаттык ишмердик жана заманбап адвокатураны уюштуруу жаатында Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөр менен тыгыз байланышта.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Бул изилдөөнүн *максаты* болуп бул чөйрөдөгү жаңыртылган мыйзамдар шартында квалификациялуу юридикалык жардам алууга карата конституциялык укукту ишке ашырууда

Кыргыз Республикасындагы адвокаттык ишмердикти жана адвокатураны уюштурууну комплекстүү анализге алуу, адвокаттык ишмердикке тоскоолдук кылган актуалдуу көйгөйлөрдүн маңызын ачып берүү жана аларды чечүү жолдорун издөө, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы адвокатураны андан ары өнүктүрүүнүн жаңы перспективаларын аныктоо эсептелет.

Аталган максаттын контекстинде төмөнкү *милдеттер* коюлду:

1. адвокаттык ишмердиктин маңызын жана юридикалык табиятын жана анын Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жөнүндө колдонуудагы мыйзамдын контекстиндеги маанисин аныктоо;

2. адвокатуранын укуктук маккамынын өзгөчөлүгүн жана Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн соттук-укуктук реформанын шартында анын ченемдик укуктук жөнгө салуу системасын аныктоо;

3. адвокатура жөнүндө билимдерди системалаштыруу параметрлерин аныктоо жана адвокатура жөнүндө илимдин предметинин контурун белгилөө;

4. Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам камсыз кылууну уюштуруу жана адвокатуранын ишмердигинин маанилүү принциптерин бөлүп көрсөтүү;

5. Кыргыз Республикасынын азыркы адвокатурасынын кесиптик иш алып баруусунун жана ишмердигинин актуалдуу көйгөйлөрүн изилдөө жана жаңыртылган мыйзамдардын шартында аларды чечүүнүн жолдорун аныктоо;

6. айыптоо тарабынан бузуулардын алдын алуу жана квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө соттук каталарды кетирбөө чөйрөсүндөгү адвокаттык ишмердикке анализ жүргүзүү;

7. Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшүндөгү адвокаттын ишмердигиндеги аттандаштыктын конституциялык принциптерин ишке ашыруу көйгөйлөрүн карап чыгуу;

8. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын контекстинде медиациянын жардамы аркылуу юридикалык талаштарды жөнгө салууга адвокаттын катышуу маанисин жана келечегин негиздөө;

9. Кыргыз Республикасында алардын тажрыйбасын колдонуу мүмкүнчүлүгүн жана максатка ылайыктуулугу көз карашынан айрым чет мамлекеттердеги адвокатуранын укуктук негиздерин жана уюштуруучулук-структуралык түзүмдүк өзгөчөлүгүн аныктоо жана анализ жүргүзүү;

10. мыйзам чыгаруудагы акыркы өзгөртүүлөрдүн көз карашынан адвокатура ишмердигин ченемдик камсыз кылууга баалоо жүргүзүү жана Кыргыз Республикасындагы адвокатура чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жакшыртуу боюнча концептуалдык сунуштардын теориялык-укуктук негиздерин иштеп чыгуу.

**Иштин илимий жаңылыгы** анын максаты менен аныкталат жана Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн соттук-укуктук реформалардын нугунда жаңы мыйзамдарды ишке ашыруунун натыйжасы катары адвокатура институтун жана адвокаттык ишмердикти реформалоонун негизги багыттарын комплекстүү изилдөө жаатында жаңылык болуп саналат. Кыргыз Республикасында

адвокатуранын өнүгүү көйгөйлөрүнө автор тарабынан жүргүзүлгөн анализ адвокатура институтунун иштөө натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган артыкчылыктуу чаралардын системасын максаттуу аныктоого, адвокаттык ишмердиктин кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн түзүүгө жана ишке ашырууга, ошондой эле укуктук тегиздиктеги адвокатуранын маккамын жогорулатуу менен байланышкан, анын ичинде өз ара байланыштагы жаңы пайда болгон институттарга байланыштуу максаттуу комплекстүү багыттарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Диссертациянын автору тарабынан квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун ишке ашырууда адвокатуранын ролун, бул ишмердиктин мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана олуттуу байланыштарын, адвокаттык ишмердиктин маанилүү багыттарынын натыйжалуулугун аныктай турган анын уюштуруучулук жана процесстик механизмдерин жана шарттарын ачыктай турган жаңы жеке илимий теория иштелип чыкты, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» жана «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамдарын жакшыртууга багытталган концептуалдуу жоболор жана сунуштар иштелип чыкты.

Иште азыркы тенденцияларды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын адвокатура ишмердигин андан ары түзүү жана жакшыртууга таасир эте турган ири көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору сунуш кылынды. Атап айтканда, жаңы натыйжаларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

1. автор тарабынан Кыргыз Республикасынын укуктук системасындагы адвокатуранын орду аныкталды, азыркы этапта квалификациялуу юридикалык жардам алууга карата конституциялык принципти ишке ашыруудагы ролу аныкталды, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы квалификациялуу юридикалык жардам институту негизделүүчү концептуалдык жоболор бөлүп көрсөтүлдү;

2. Кыргыз Республикасында учурда колдонуудагы мыйзамдардын жана укук колдонуу практикасынын контекстинде адвокаттык ишмердиктин пайда болгон жаңы институттарын жана келечектүү багыттарын эске алуу менен «адвокат», «адвокаттык ишмердик», «адвокаттык криминалистика» сыяктуу терминологиялык түшүнүктөргө автордук көз караш берилди;

3. адвокаттык ишмердикке таандык белгилер бөлүп көрсөтүлдү жана формулировкаланды, ошондой эле азыркы шарттарда квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү белгилеринин жана мазмунунун жыйындысы аныкталды;

4. Кыргыз Республикасында адвокат маккамынын конституциялык-укуктук өзгөчөлүктөрүн аныктоочу концептуалдуу жоболорго карата автордук мамиле берилди;

5. жарандын укуктук корголуу деңгээлин жогорулатууга жана адвокатура институтун андан ары өнүктүрүүгө багытталуучу мамлекеттин укук коргоочу системасын жакшыртуу боюнча концепциясын түзүү зарылдыгы негизделди;

6. «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» мыйзам тууралуу билимдерди системалаштыруу үчүн өбөлгөлөрдүн болгондугу жөнүндө илимий-теориялык негиздеме юридикалык илимдин өз алдынча тармагы катары сунуш кылынды, ошондой эле сунуш кылынып жаткан окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн жана бөлүмчөлөрүнүн автордук варианттары берилди;

7. Кыргыз Республикасындагы адвокатура институтун андан ары өнүктүрүү жана жакшыртуу зарылдыгын далилдей турган маанилүү өбөлгөлөр болуп эсептелген көйгөйлүү жагдайлар автор тарабынан аныкталды жана берилди;

8. каралып жаткан чөйрөдөгү мыйзамдардагы бир канча концептуалдык өзгөртүүлөрдү жана эл аралык стандарттарды эске алуу менен адвокатура ишмердигине тиешелүү принциптер жана түрлөр системасын ажыратууга карата жаңы ыкмалар иштелип чыкты;

9. адвокаттардын көз карандысыздык кепилдигин камсыз кылуу боюнча кошумча мыйзам чыгаруу чаралары иштелип чыгып, сунуш кылынды жана квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө карата мыйзамдуулук принцибинин өзгөчөлүгү чагылдырылды;

10. адвокатура жөнүндө мыйзамдын, тактап айтканда адвокаттык ишмердиктин укуктук жана адеп-ахлактык негизги бөлүмүндөгү өзгөртүүлөрдү комплекстүү изилдөөнүн, ошондой эле жазык сот өндүрүшүндөгү соттук каталардын алдын алуу жана түзөтүүдөгү адвокат ишмердигинин ордун аныктоонун натыйжасында жазык иштери боюнча атаандаштык сот өндүрүшүндө далилдөө субъектиси катары адвокаттын процесстик маккамы түшүнүлдү жана соттук каталардын алдын алуу жана түзөтүү үчүн анын мааниси ачып берилди;

11. сотко чейинки өндүрүш этабында бузуулардын алдын алуу жана кылмыштын фактылык жагдайлары, ошондой эле корголуучу адамга каралуучу жазанын түрүн жана чарасын аныктоо менен байланышкан соттук каталарга жол бербөө боюнча адвокаттык ишмердиктин өзгөчөлүгү чагылдырылды;

12. медиация Кыргыз Республикасынын жазык укугу илиминде жазык сот өндүрүшүнүн алкагында адвокаттын медиатор катарында катышуусу менен элдештирүү жол-жобосун натыйжалуу ишке ашыруунун критерийи катары биринчи жолу каралды; Муну менен бирге иште берилген жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар юридикалык талаштарды жөнгө салууда медиативдик практиканын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө теориялык түшүнүктөрдү кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт жана адвокаттык ишмердиктин жаңы жана келечектүү, өз алдынча багыты үчүн негиз болуп бериши мүмкүн. Андыктан: а) медиатордун ишмердигин адвокат аткаруусу үчүн өбөлгөлөр берилди жана ага жол бериле тургандыгы негизделди; б) адвокаттык ишмердикти жөнгө салуунун белгилерине жана укуктук жөнгө салуу боюнча автордук көз караш сунушталды; в) Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдарынын, Адвокаттардын кесиптик этикасы жөнүндө

кодекстин, КР КЖПКсынын жоболорун сынчыл анализдөөнүн негизинде. Көйгөйлөргө карата автордук көз караш сунушталды жана медиативдик жол-жоболорду адвокат тарабынан ишке ашыруу максатында аталган мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштар берилди; г) Кыргыз Республикасында адвокат тарабынан медиативдик жол-жоболорду жүргүзүү тартибинин теориялык-укуктук модели иштелип чыкты жана сунуш кылынды; д) жазык сот өндүрүшү тартибинде карала турган юридикалык талаштар боюнча медиация жүргүзүүдө ишеним көрсөтүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо боюнча адвокаттар үчүн илимий негизделген сунуштар иштелип чыкты;

13. эвристикалык кайра уюштуруу элементтерин коргоону типтүү программада колдонуу аны түзүүчү төмөнкү сыяктуу элементтерден турушу мүмкүн экендиги далилденген: андан тышкаркы интуициялык процесстердин жардамы менен программанын системасын кайра түзүү; программанын конкреттүү моделине карата мээ чабуулунун түз жана тескери методдорун колдонуу; түзүлгөн кырдаалга негизделүү менен адаптациялоочу программага сынчыл мамиле; мындай коргоо программасын позитивдүү факторлор менен толтуруу жана ага терс таасир этүүчүлөрдү жок кылуу максатында алынган маалыматты интерпретациялоо; системанын оригиналдуу татаал байланыштагы элементтерди киргизүү жолу аркылуу программаны рекомбинациялоо; программаны формасы боюнча да, мазмуну боюнча да өзгөртүү, ошондой эле анын элементтеринин ар кандай варианттарын колдонуу;

14. иште адвокаттык криминалистиканын айрым концепцияларын иштеп чыгуу актуалдуулугунун негиздемеси сунуш кылынды;

15. коргоого коюлуучу жоболордо берилген, учурда колдонуудагы ченемдик-укуктук актылардын контекстинде Кыргыз Республикасындагы адвокатура институтунун иштөөсүнүн эффективдүүлүгүнө таасир эте турган мыйзам чыгаруу мүнөзүндөгү чаралардын бүтүндөй комплекси сунуш кылынды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси**. Изилдөөдө камтылган илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар квалификациялуу юридикалык жардам алууга карата конституциялык укукту ишке ашырууда Кыргызстандын адвокатурасынын ролун, анын максат жана милдеттерин, кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн, адамдын укугун жана эркиндигин коргоону камсыз кылууда, өлкөнүн жаңыртылган мыйзамынын шартында жарандарга жана мекемелерге квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө келип чыккан Кыргыз Республикасынын азыркы адвокатурасынын көйгөйлөрүн тереңирээк таанууга мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, иштин маанилүүлүгү адвокаттын өзгөчө маккамы жана ыйгарым укугу жөнүндө укуктук ченемдердин учурдагы мазмунун жана юридикалык табиятын ачып берүүдө, ошондой эле адвокаттар менен өз ара аракеттешүүчү мамлекеттик органдардын ишмердигин ченемдик жөнгө салуу боюнча бир нече жоболорду теориялык жактан негиздөөдө турат. «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана

адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамына, Адвокаттын кесиптик этикасы жөнүндө кодекске, Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамына жана КР КЖПКсына өзгөртүү киргизүү сунуштары адвокаттык ишмердикти уюштуруу жана жүргүзүүнү ченемдик-укуктук жөнгө салууну ишке ашырууда эске алынышы мүмкүн.

Көйгөйдү чечүүнүн сунуш кылынган варианттары, теориялык жоболор, иште коюлган милдеттерди түшүнүүгө жана ишке ашырууга карата берилген ыкма «Адвокатура», «Кылмыш-жаза процесси», «Криминалистика» сыяктуу юридикалык дисциплиналарды окутуу процессинде, жардамчыларды, стажерлердун жана адвокаттардын квалификациясын жогорулатуу системасында, адвокаттар тарабынан жалпы профессионалдык ыйгарым укуктарды колдонуу практикасын жакшыртуу менен байланышкан маселелерди карап чыгууда жана адвокатура менен байланышкан бир нече укуктук институттарды анализдөөдө илимий-изилдөө ишмердигинде колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

**1.** Адвокаттык ишмердикке төмөнкү негизги белгилер мүнөздүү: ***биринчиден***, адвокаттык ишмердик төмөнкүлөргө ылайык жүргүзүлөт: *а)* конституциялык мүнөздөгү ченемдик-укуктук актылар менен; *б)* адвокаттык коомчулуктун иш алып баруусунун бүтүндөй спектрин жөнгө салуучу тармактык (процесстик) жана атайын мыйзамдар менен; *в)* деонтологиялык мүнөздөгү ченемдик актылар менен; *г)* мыйзамда бекитилген тартипте күчүнө кирген эл аралык макулдашуулар жана келишимдер менен. ***Экинчиден,*** адвокаттык ишмердик Кыргыз Республикасынын бекитилген мыйзам чыгаруу тартибине ылайык адвокат маккамын алган жана ишеним көрсөтүүчү тарабынан КЮЖ көрсөтүү боюнча конституциялык милдет жүктөлгөн атайын субъект тарабынан жүргүзүлөт. ***Үчүнчүдөн***, адвокаттык ишмердик материалдык жана процесстик башталыштарга негизделет жана ишеним көрсөтүүчүлөр өз укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо менен байланышкан максаттарына жетүүсү үчүн тиешелүү юридикалык шарттарды камсыз кылууга чакырылган. ***Төртүнчүдөн***, адвокат өз ишмердигин айкын жана көз карандысыз мүнөздөгү профессионалдык негизде, бирок адвокаттык ишмердик предметинин чегинде жана укуктук ченемдин жазма эскертүүлөрүн сактоо менен жүргүзөт. ***Бешинчиден***, адвокаттын ишмердиги укук коргоочулук да, алдын-алуучулук да болуп эсептелет жана процесстик кеңири укуктарынын негизинде төмөнкүлөрдү: сот адилеттигинин ачыктыгын жана айкындуулугун; анын жеткиликтүү болушун жана сот органдары жана кызмат адамдары тарабынан аткарылган мыйзамсыз аракеттерин даттануу үчүн сот адилеттүүлүгүн жана процесстик мүмкүнчүлүктөрдү жүргүзүүнүн конституциялык принциптерин ишке ашыруу үчүн тиешелүү шарттарды түзүүнү камсыз кылат.

**2.** Адвокаттык ишмердик деп, өз ишмердигин адвокаттык кабинет формасында жеке же адвокаттык уюм аркылуу адвокаттар коллегиясы же адвокаттык бюро формасында, ишеним көрсөтүүчүлөрдүн конституциялык

укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо менен байланышкан максаттарына жетүүсү үчүн тиешелүү укуктук шарттарды камсыз кылуучу тармактык мыйзам чыгаруунун материалдык жана процесстик башталышында жүргүзүүчү, ошондой эле сот адилеттүүлүгүнө жетүү, коргоолуучу адамдын укуктарынын бузулушу менен кошо сот адилеттүүлүгүнө жетүүчү Кыргыз Республикасынын мыйзамы тарабынан бекитилген тартибинде адвокат маккамын алган атайын субъект тарбынан көрсөтүүчү КЮЖду айтууга болот.

**3.** Кыргыз Республикасынын адвокатынын конституциялык-укуктук маккамынын өзгөчөлүгү концептуалдык төмөнкү жоболор менен билдирилет: а) мыйзам чыгаруучу конструкциялык деңгээлде (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-бер. 5-б., 61-бер. 4-б. ылайык) «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамында каралган жол-жоболордун талаптарына ылайык адвокат маккамын алган субъект тарабынан ар бир жаранга КЮЖ алуу укугун кепилдейт; б) адвокатка «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 24 жана 25-б. *[Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамы (2023-жылдын 28-февралындагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) - [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // https://online.zakon.kz/m/Documen t/?doc_id=31579659]*, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамдын 6-б. *[2022-жылдын 10-августундагы №91 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы - [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: //https://online.zakon.kz/Document/?doc_id=35272921&]*,Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 50-б. *[Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 126 Мыйзамы менен колдонууга киргизилди (2023-жылдын 2-августундагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен) - [Электрондук ресурс] – Кирүү режими: // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/112308?cl=ky-kg]* каралган коргоочу катары КЮЖ көрсөтүү боюнча өзгөчө укуктар жүктөлгөн, бул болсо аталган конституциялык институттун мамлекеттик деңгээлде жөнгө салынышы керектигин тастыктайт; в) мыйзам чыгаруучу адвокатка ишеним көрсөтүүчүгө тармактык мыйзам чыгарууда каралган юридикалык жардамдын кайсы түрү болбосун профессионалдуу негизде көрсөтүүнү конституциялык деңгээлде милдеттендирет, жардам көрсөтүү тиешелүү эмес деңгээлде аткарылган же аткарылбаган учурда аны «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 22-бер. 4-бөлүмүндө каралган лицензиясынан ажыратуу түрүндөгү санкция жүктөлөт, бул болсо конституциялык деликтти пайда кылат; г) мыйзам чыгаруучу тарабынан мамлекеттик деңгээлде сапаттуу профессионалдык КЮЖ алууга укук каралган, мындай адамдарга Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында каралган лицензияларды алууга мүмкүндүк берүүчү алар тарабынан бекитилген адвокатура ишмердигин жөнгө салуучу критерийлери буга күбө боло алат.

**4.** Коомдун бардык чөйрөсүндө болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн фонунда мамлекеттин конституциялык коопсуздугун камсыз кылуу - инсандын укуктук коргоолуусунун деңгээлин жогорулатууга жана адвокатура институтун андан ары өнүктүрүүгө багытталуучу Мамлекеттин укук коргоочулук системасын жакшыртуу боюнча концепциясын түзүү зарылдыгын пайда кылат. Мындай Концепцияны иштеп чыгуунун максатка ылайыктуулугу төмөнкү позициялар менен аныкталат: а) мындай Концепциянын жоболору: коомдогу мыйзамдуулукту камсыз кылууда жана туруктуулукту бекемдөөдө маанилүү роль ойной турган адвокатура институтунун системасын жакшыртуу боюнча максат жана милдеттерди аныктайт; б) укук чыгаруучу ишмердиктин деңгээлин жана натыйжалуулугун жогорулатат, анткени анда адвокатура жөнүндө мыйзамдын кайсы жерине жана кандай өзгөртүүлөр керектиги көрсөтүлөт, ал эми алардын кабыл алынышы адвокаттардын ишмердигине тоскоолдук жаратат; в) жарандардын укукка каршы аракеттерден, анын ичинде кызматтагы адамдардан коргонуу даражасын андан ары күчөтүүгө (бекемдөөгө) таасир тийгизе турган мыйзам чыгаруучу чаралардын комплекси аныкталат; г) адвокатуранын ишмердигине тиешелүү тармактык мыйзам чыгаруу кандай ырааттуулукта жана кайсы багытта жакшыртылышы керектиги прогноздолот; д) өлкөдөгү кылмыштектүү кырдаалды прогноздоо гана мындай шарттарда адвокатуранын ролун аныктоого мүмкүндүк түзөт; е) Кыргыз Республикасындагы адвокатуранын ишмердигин уюштурууну укуктук жөнгө салууну жакшыртуу жолдоруна саясий, социалдык-экономикалык факторлордун тийгизген таасири прогноздолот.

**5.** «Адвокатура» сыяктуу иштеп жаткан укук коргоо институтунун адамдын жана мамлекеттин жаранынын укугун, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого тиешелүү фундаменталдуу конституциялык баалуулуктарга негизделген өзүнчө юридика илими тарабынан таанылуусу үчүн өбөлгөлөрдүн болушу жөнүндө аргументтелет. Буга негиз болуп: биринчиден, адвокатура жөнүндө илимге фундаменталдуулук, баалуулук, ошондой эле изилдөө предметинин аны менен чектеш билим тармактары менен комплекстүүлүгү жана юридикалык илим системасында өз алдынча тармак катары турушу мүнөздүү; экинчиден, адвокатура жөнүндө илимдин илимий-теориялык базасы болуп инсандын укугу жана эркиндигин коргоо жөнүндө билимдердин бүтүндөй системасы, өз ичине конституциялык укуктун ченемдеринин айрым жоболорун, адвокаттык укуктун комментарийлерин жана колдонуудагы «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамы, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын укуктук ченемдерин, адвокаттык ишмердиктин практикалык сунуштарына тиешелүү материалдарды; бул чөйрөдөгү көйгөйлөргө тиешелүү ар кандай илимий басылмаларда даярдалган жана чыгарылган илимий материалдар, концепцияларды, ошондой эле адвокат-коргоочу ишмердигине таандык тармактык мыйзам чыгаруунун айрым бөлүмдөрүн камтыган укуктун өз алдынча багытын пайда кылуучу системасы эсептелет.

Ошону менен бирге мындай билимдин концептуалдуу негизи болуп «жарандык коом», «мамлекеттик бийлик» категориялары эсептелет; үчүнчүдөн, изилдөө объектисинин болушу, аларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: а) адвокатура институтунун иштөө өзгөчөлүгү (адвокатура институтун уюштуруу жана ишмердигинин шарттары, түзүлүшү жана негиз салуучу принциптери); б) адвокаттык ишмердиктин укуктук негиздери (өз ичине адвокаттык укукту, адвокатура ишмердиги жана адвокатура жөнүндөгү мыйзам чыгарууну, тармактык мыйзам чыгарууну камтуучу); КЮЖды укуктук жөнгө салуу; адвокатура институтун жана аны менен байланышкан мыйзам чыгарууну андан ары жакшыртуу жана өнүктүрүүнүн заманбап талаптарынын болушу; төртүнчүдөн, адвокатура жөнүндө илимдин предмети өз ичине конституциялык-укуктук гана маанини эмес, тармактык мыйзам чыгаруучулук, криминалистика, криминология, философия, саясий, этика, диний билимди, укуктук чет мамлекеттик негиздерин ж.б.у.с. камтыйт; бешинчиден, адвокатура жөнүндө илим өз ичине адвокаттык укук структурасын түзүүчү объективдүү компоненттерди камтыйт: а) адвокатуранын институционалдык өнүгүшүн изилдөө; б) адвокатура институтунун ишмердигин уюштурууну изилдөө (т.а. функционалдык түзүүчүсүн); в) өз алдынча укуктук тармак катары эсептелген адвокаттык укук институттарын изилдөө; алтынчыдан, адвокатура институтунун иштөөсү үчүн базалык негизди түзгөн фундаменталдык принциптер аны бүтүндөй система жана юриспруденция чөйрөсүндөгү илимдин өзүнчө тармагы катары таануу үчүн байланыштыруучу звено болуп эсептелет.

**6.** Кыргыз Республикасындагы адвокатура институтун андан ары өнүктүрүү жана жакшыртуу зарылдыгынын негизги өбөлгөлөрү болуп төмөнкү жагдайлар эсептелет: 1) мамлекет өзүнө жарандык коом институту аркылуу жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндигин коргоону камсыз кылуу милдетин алышы, тактап айтканда адвокатуранын болушун, муну менен ал ишеним көрсөтүүчүгө КЮЖды камсыз кылуу боюнча жоопкерчиликти жүктөө менен аны конституциялык мыйзамга киргизүүнү талап кылат жана сот адилеттүүлүгүнө жиберүүдөгү адвокаттын ордун, Кыргыз Республикасындагы соттук бийликтин иштөөсүндөгү маанилүүлүктү чагылдырат, бул болсо коомдун мыйзамдуулугун жана туруктуулугун тактоого көмөк көрсөтөт; 2) адвокатуранын натыйжалуу иш алып баруусуна тоскоолдук кылуучу көйгөйлүү аспектилерди чечүү зарыл, тактап айтканда: а) «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамын кабыл алган учурдан баштап бул арада адвокаттык ишмердикке тиешелүү бир канча жаңы Мыйзамдар кабыл алынды, бүгүнкү күндө алардын жоболорун практикалык жактан ишке ашыруу учурунда мыйзам чыгаруучулук айрым коллизиялар, кемчиликтер жана Кыргыз Республикасынын аталган Мыйзамынын таасир этүү чөйрөсүн андан ары кеңейтүү өбөлгөсү байкалат; б) Кыргыз Республикасынын кабыл алынган «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамын анализге алуу төмөнкүлөрдүн максатка ылайыктуу экендигин күбөлөйт: - КЮЖ көрсөтүү механизмин жакшыртуу боюнча чараларды кабыл

алууну; - башка мамлекеттердин территориясында адвокаттардын акысыз юридикалык жардам көрсөтүүсүнүн укуктук жөнгө салынбагандыгы; - аталган Мыйзамда колдонулуучу аныктамаларды конкреттештирүү боюнча иш жүргүзүү, ошондой эле, кайрадан күчүнө кирген башка мыйзамдык актыларга негизделүү менен алардын айрымдарына өзгөртүү киргизүү талап кылынат; в) адвокатты процесстик кеңири укуктарга ээ кылуу максатында жазык процессинин жоболорун жакшыртуу талап кылынат, бул болсо жарандардын укугун жана эркиндигин соттук коргоонун натыйжалуулугун жана тараптардын тең укуктуулугун камсыз кылуу үчүн сотко чейинки өндүрүш этабында да, соттук процесс стадиясында да олуттуу мааниге ээ жана адвокатура институтуна карата ишенимдин деңгээлин жогорулатат; 3) адвокат тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын түрүнө негизделүү менен алардын мазмундук түзүүчүлөрүн толуктоо менен адвокаттык ишмердикти көрсөтүү сандарттарынын типтүү үлгүлөрүн иштеп чыгуу (мисалы, криминалистика чөйрөсүндө – коргоо тактикасы жана методикасы); 4) жайды материалдык-техникалык жана методикалык жактан жабдуу үчүн мамлекет тарабынан базанын жана укуктук шарттардын түзүлүшү, ошондой эле адвокаттарды кесиптик кайрадан даярдоо милдеттерин уюштуруучулук жана материалдык-каржылык камсыз кылуу; 5) Кыргыз Республикасынын адвокатура институтунун ишмердигин кабыл алынган эл аралык принциптердин жана адамдын жана жарандын укугун жана эркиндигин коргоо жаатындагы стандарттардын контекстинде реформалоо талап кылынат, бирок аны менен бирге алар апелляциясыз постулат болушу керек эмес, анткени учурдагы көйгөйлөрдү аныктоого жана жоюуга, мамлекеттин укук коргоочу механизмине оң таасир берүүчү тенденцияларын аныктоого мүмкүндүк берүүчүлөрүн гана кабыл алуу керек.

**7.** Адвокатураны укуктук жөнгө салуу механизмин анализдөөнү негизге алып жана системалуу ыкманын талаптарын эске алуу менен Кыргызстандын юридикалык факультеттеринин окуу процесстерине «Адвокатура» деген өзүнчө предметти (юриспруденцияда чөйрөсүндөгү илимдин өзүнчө тармагы катары) киргизүү сунушталат, анын вариант, түзүмдөрү катары шарттуу түрдө төмөнкү бөлүмдөргө ажыратууга болот: 1) Илим катары адвокаттык теориянын негиздери, ал өз ичине төмөнкү сыяктуу бөлүмчөлөрдү камтыйт: 1) адвокатура илиминин табияты жана аны өнүктүрүүнүн тенденциялары; 2) адвокатура жөнүндө илимдин предмети, объектиси жана системасы; 3) адвокатуранын максат, милдеттери жана кызматы; 4) адвокатура жөнүндө илимдин методологиясы; 5) адвокатура, коом жана мамлекеттин катыштыгы; 6) Кыргызстандын укуктук системасындагы адвокатура институту. 2) Кыргыз Республикасындагы адвокатуранын калыптанышынын мыйзамдык жана уюштуруучулук негиздери. Төмөнкү бөлүмчөлөрдү караштыруу керек: 1) Кыргыз Республикасындагы адвокатура жана адвокаттык ишмердикти жөнгө салуунун укуктук негиздери; 2) адвокаттын укуктук маккамы жана адвокаттык ишмердикти уюштуруунун формалары; 3) юридикалык жардамдын түрлөрү; 4) адвокаттын кесиптик этикасы. 3) Адамдын конституциялык укугу жана

эркиндиги системасындагы соттук коргоого Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктары. Бөлүмчөлөр: 1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча жарандардын коргоого алынуу укуктарынын жалпы мүнөздөмөсү жана түшүнүгү; 2) жарандардын коргоого алынуу укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуучу мамлекеттик жана коомдук институттары: көйгөйлөр жана перспективалар. 4) Адвокат-жактоочунун жазык процессине катышуусу. Бөлүмчөлөр: 1) Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшүндөгү КЮЖду ишке ашыруунун теориялык негиздери; 2) Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшүндөгү жактоочунун процесстик маккамы; иш боюнча жазык-процесстик далилдөөдөгү адвокат-жактоочу; 3) адвокаттын юридикалык талаштарды жөнгө салууга катышуусунун мааниси жана перспективасы жана анын айыптоочу тараптын жана сот тарабынан бузуулардын алдын алууда орду. 5) Адвокат-өкүлдүн жарандык процесске катышуусу. 6) Далилдерди жыйноо жана аларды сотко сунуш кылуу боюнча адвокат-жактоочунун ишмердигинин криминалистикалык негиздери. Бөлүмчөлөр: 1) далилдерди жыйноо жана аларды сотко сунуш кылуу боюнча адвокат-жактоочунун ишмердигинин теориялык-криминалистикалык модели; 2) далилдерди жыйноо жана аларды сотко сунуш кылуу боюнча адвокат-жактоочунун ишмердигиндеги криминалистикалык каражаттар жана методдор; 3) далилдерди жыйноо жана аларды сотко сунуш кылуу боюнча адвокат-жактоочунун тактикалык-криминалистикалык сунуштарын колдонуунун методикалык негиздери. 7) Чет өлкөлүк адвокатуранын ишмердиги. Бөлүмчөлөр: 1) адвокатуранын эл аралык стандарттары; 2) адвокатура институтунун укуктук мазмуну жана КМШ өлкөлөрүндө КЮЖ алууга карата укуктар; 3) алыскы чет өлкөлөрдүн жазык процессинде адвокат-жактоочунун ишмердигинин укуктук негиздери.

**8.** КЮЖ алууга укукту чектөөгө жол бербестик бул укуктун ченемдик мазмунун мыйзамдуу конкреттештирүү, анын чектерин, аны ишке ашыруунун уюштуруучулук-укуктук механизмин жана жол-жоболорун, ошондой эле аны укук субъектилеринин айрым категориялары тарабынан ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо зарылдыгын жокко чыгарбайт. Муну менен бирге, КЮЖ алууга укуктун конституциялык максатына жетүү үчүн тоскоолдуктар түзүлбөшү керек жана анын бар экендигине күмөн жаралбашы керек, ал ар бир адамдын компетенттүү юридикалык колдоого алынууга объективдүү муктаждыгы пайда болгон учурда аны алуунун реалдуу мүмкүнчүлүгүнүн болушу менен аныкталат. КЮЖды камсыз кылуу принциптеринин тобун изилдөөдө сунуш кылынган автордук дифференциациялоо өзүнчө бир системаны билдирет, андыктан аларды объективдүү өз ара байланыштарын эске алуу менен колдонууга болот, өз ара байланыштары катары тиешелүү принциптердин бирөөнө да маани берилбегендей кылып, алардын ар биринин тышкы чектери аныкталат, муну менен бирге алар тармактык процесстик жана атайын мыйзамдарды конкреттештирилет жана ченемдик жактан өнүктүрүлөт.

**9.** Кыргыз Республикасындагы КЮЖдын конституциялык-укуктук институту өз ичине төмөнкүлөрдү камтып жана төмөнкү концептуалдуу

жоболорго негизделет: ***1)*** МКЮЖ жөнүндө мыйзам Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине негизделет, муну менен мамлекет милдетти өзүнө алат жана мыйзамда жана Кыргызстан катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдерде белгиленген учурлардан тышкаркы учурларда Кыргызстандын жарандарына, ошондой эле чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга юридикалык мындай жардам менен камсыз кылуу кепилдигин алат; ***2)*** МКЮЖ чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын жарандарынын, ошондой эле чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок адамдардын жана качкындардын МКЮЖ алууга укуктарын ишке ашыруу максатында жүргүзүлүүчү уюштуруучулук-укуктук, социалдык-экономикалык, маалыматтык, контролдук жана башка чаралардын жыйындысында камсыз кылынат; ***3)*** МКЮЖ мыйзамдарында каралган конституциялык-укуктук позицияларга негизделүү менен мыйзам чыгаруучу тарабынан каралган учурлар менен кошо адвокатка профессионал КЮЖ алууга милдет жүктөлгөндүгүн айтууга болот. Муну менен көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты МКЮЖ системасынын чегинде иштелип чыккан жана адвокат менен бекитилүүчү Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген Кыргыз Республикасынын Адвокатура кеңешинин чечими (19.10.2017-ж.) менен бекитилген стандарттарга туура келиши керек; ***4)*** мыйзам чыгаруучу тарабынан адвокатты юридикалык жоопкерчиликке тартуу жана «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы, «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын жана КЮЖ боюнча кызмат көрсөтүүдө адвокаттардын кесиптик этикасы жөнүндө кодекстин талаптарын бул сыяктуу субъект тарабынан бузуу же аткарбоо үчүн Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык таасир этүүнүн башка чараларын колдонуу  мүмкүнчүлүгү каралган; ***5)*** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренесинин 5-бөлүмүнө жана 61-беренесинин 4-бөлүмүнө ылайык мыйзам чыгаруучу тарабынан КЮЖ көрсөтүүгө укуктуу адамдардын тобу чектелбейт, бирок мыйзам чыгаруучу башка адамдарга мыйзамда бекитилген критерийлерге ылайык сот өндүрүшүнүн конкреттүү түрлөрүнө кардардын иш боюнча өкүлү же жактоочу катарында мындай юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу субъектилер катары (адвокаттан башкасына) кирүүсүн аныктоо укугу берилет (мындай учурда кардарга мыйзам чыгаруучу тарабынан адвокаттан башка КЮЖ көрсөтө ала турган башка адамдарга кайрылуу укугу берилет); ***6)*** КЮЖ алууга карата укук зарыл каражат жана шарт болуп эсептелет: а) укукту жана мыйзамдуу кызыкчылыкты коргоо максатында сот адилеттүүлүгүнө жетүүнүн кеңири мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, бирок ведомствого караштуулукту жана сот караштуулугун сактоо менен; б) укуктук контролду жүргүзүү: талаштын маңызынын чегинде соттук ишмердикти рационалдаштыруу, ошондой эле юридикалык маанилүү фактылык жагдайларды кароого негизделүү менен ишти толук кандуу чечүү боюнча; в) ишеним көрсөтүүчүнүн бузулган укугун калыбына келтирүү менен байланыштуу кабыл алынган соттук чечимдин аткарылышына укуктук контролду камсыз кылуу; г) конституциялык өндүрүш тартибинде ишеним

көрсөтүүчүнүн укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун зарыл шарттары менен камсыз кылууга; ***7)*** процесстин атаандаштыгы менен байланышкан конституциялык принципти ишке ашырууну камсыз кылат, анткени адвокат коргоо тарабын жактоо менен юридикалык жактан маанилүү далилдердин негизинде териштирлип жаткан жазык иши боюнча аргументтелген укуктук позицияны түзүүгө шарт түзөт, ошондой эле чыгарылуучу соттук чечимдин, анын ичинде келтирилген зыянды компенсациялоо маселелери боюнча чечимдин да жыйынтыгына таасир этүүчү соттук териштирүүнүн жүрүшүндө аны жактоону камсыз кылат; ***8)*** адвокатура институту адамдын укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча өзүнүн конституциялык милдетин мыйзам чыгаруу деңгээлинде каралган укуктук каражаттардын жана ыкмалардын негизинде ишке ашырат.

**10.** Адвокаттын жазык процессине катышуусу шектелүүчүнүн, айыпталуучунун, соттолгондун, акталгандын, күбөнүн, жабырлануучунун коргоого алынууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашыруунун кепилдиги болуп эсептелет. Бирок муну менен бирге КР КЖПКсынын адвокат-жактоочунун ишмердигин жөнгө салуучу мазмунун анализдөө алардын жалпыланган мүнөзү жөнүндө күбөлөйт, анткени, биринчиден, жобонун көпчүлүк бөлүгү КР КЖПКсында көрсөтүлгөн жоболорду камсыз кылуунун таасирдүү механизмин камтыбайт; экинчиден, укуктук ченемдердин жетилбегендиги жана чала иштелгендиги байкалат, бул болсо адвокаттын мыйзам чыгаруучу көрсөткөн укуктарын толук кандуу ишке ашырууга мүмкүндүк бербейт; үчүнчүдөн, адвокаттын далилдерди жыйноо боюнча жоболорун жөнгө салуучу КР КЖПКсынын жоболорунун мазмунуна негизделип, ишмердүүлүктүн бул багыты кыйыр мүнөздө болот, далилди жыйноо жол-жобосу мыйзамуу жөнгө салынган эмес, булардын бардыгы жактоочунун ишмердигинин процесстик эместигин тастыктайт (т.а., адвокаттын мындай ишмердиги процесстик формада «көрсөтүлгөн эмес»); төртүнчүдөн, адвокат-жактоочунун ишмердиги КЖПКнын ченемдери менен гана эмес, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы, «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын жоболору менен, Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кесиптик этикасы кодекси менен, МЮЖ системасында жазык иштери боюнча КЮЖ көрсөтүүчү адвокаттардын иш сапатынын стандарттары менен жөнгө салынат, аларда адвокаттын ишмердигин жана өз алдынчалыгын чектей турган да, кеңейте турган да механизм камтылгандыктан, аларды толук кандуу колдонууга мүмкүндүк бербейт, андыктан алардын айрымдары өз ара карама-каршылыкка кабылышат. Андыктан, азыркы КР КЖПКсы КЮЖ көрсөтүүдө адвокаттын ыйгарым укуктарына тиешелүү кошумча иштеп чыгууну талап кылат дегенди толук негиздүү деп эсептейбиз. жазык процессиндеги адамдын укуктарын коргоо жөнүндө конституциялык ченемдердин укуктук жазма эскертүүнү ийгиликтүү ишке ашыруунун зарыл шарты болуп аларды камсыз кылуунун бирдиктүү жазык-процесстик жана уюштуруучулук-башкаруучулук механизмин иштеп чыгуу жана түзүү эсептелет.

**11.** Кылмыш-жаза процессинде КЮЖ көрсөтүү КР КЖПКсына гана эмес, Конституцияга, КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамына негизделе тургандыгы мыйзам чыгаруучу тарабынан аныкталгандыктан, адвокаттын процесстик абалын биз сунуш кылып жаткан укуктук ченемдердин жыйындысынын градациясында кароо негиздүү болот, тактап айтканда: ***биринчи*** – адвокат-жактоочунун жазык сот өндүрүшүнө кирүү маккамын жана процесстик тартибин аныктоочу ченемдердин тобу: *а)* КР КЖПКсынын 49, 50-бер.; *б)* «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 15-бер. 1, 2-бөл., 16-бер., 27-бер.; в) КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 11-бер. 1-бөл., 12-бер. 2-бөл., 13, 15, 17, 22-беренелери. ***Экинчи*** – жазык-процесстик таасир этүүнүн чаралары колдонулуп жаткан юридикалык жактын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылууга тиешелүү ченемдердин тобу. ***Үчүнчү*** – адвокат-жактоочу сөзсүз катыша турган учурду аныктоочу ченемдердин тобу, аны эки топчого ажыратуу зарыл: *а)* КР КЖПКсынын 51-беренеси жөнгө салуучу жалпы ченем; *б)* мамлекеттин эсебинен КЮЖ алууга укуктуу адамдардын тобуна карата ченемдер КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 8-беренесинде берилген. ***Төртүнчү*** – адвокат-жактоочунун ыйгарым укуктарын аныктоочу ченемдерди тобу: *а)* КР КЖПКсынын 53-бер.; *б)* КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 14-бер.; *в)* «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 25-бер. 1-бөл., 26-бер.; *г)* Кыргыз Республикасынын адвокаттарынын кесиптик этикасы жөнүндө кодекстин 3, 4, 5-бөлүмдөрү. ***Бешинчи*** – адвокат-жактоочуну ишке катышуусун болтурбоочу ченемдердин тобу: *а)* КР КЖПКсынын 74-бер., *б)* КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 25-бер. 2-бөлүмү. ***Алтынчы*** – адвокат ишмердигинин көз карандысыздыгын жана кол тийбестигин кепилдей турган жоболорду аныктоочу ченемдердин тобу - КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 25-беренеси.

**12.** Медиатор ишмердигин адвокат тарабынан жүргүзүлсө боло тургандыгы көз карашынан төмөнкү позициялардан алганда мүмкүн болуп эсептелери негизделген: *биринчиден*, Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүмүнө ылайык адвокаттар медиатор ишмердигин жүргүзүүгө тыюу салынган адамдардын тобуна кирбейт; *экинчиден*, Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын ченемдеринин мазмунуна негизделүү менен мыйзам чыгаруучу медиатор ишмердигин бардык ишмердик менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүгүн карап чыккан жана мында медиатор болуучу адам аталган Мыйзамдын 9-беренесинин 1-бөлүмүнүн талаптарына туура келиши керек. Бул болсо медиатор ишмердигин жүргүзүү, ишеним көрсөтүүчүнүн өкүлү же консультанты катарында адвокаттык ишмердик да адаттан тышкаркы болуп эсептелбей тургандыгын тастыктайт (Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын 9-бер. 3-бөлүмүндө каралган учурлардан башкасында);

*үчүнчүдөн*, Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын 26-бер. 5-бөлүмүнүн (мында медиатор боло албай турган жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын тизмеси көрсөтүлгөн) мазмунуна негизделүү менен адвокат жазык-укуктук мамилелер чөйрөсүндө эгер тараптардын биринин адвокаты болуп эсептелбесе, медиатор катарында катышууга болот. Мындан тышкары КР КЖПКсынын 59-бер. 1-бөлүмүнө ылайык, тараптар жактан ишке тартылган бардык жеке адамдар Мыйзамга ылайык медиатор боло алышат. *Төртүнчүдөн*, Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамы медиаторду медиаторлордун республикалык коомчулугуна мүчө катарында турушу керектигин милдеттендирбейт, ошондой эле медиация жүргүзүү боюнча жардам адвокаттык ишмердик сыяктуу эле ишкердик ишмердүүлүгүнө кирбейт; *бешинчиден*, адвокаттын медиатор катарында катышуусу «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамына каршы келбейт, анда: а) аталган Мыйзамдын 24-бер. 2-бөлүмүнө ылайык, адвокат мыйзам чыгаруучу тарабынан тыюу салынбаган башка жардамды көрсөтүүгө укуктуу; б) 25-бер. 2-бөлүмүнүн 2-пунктунун мазмунуна ылайык, адвокат тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча ортомчу катарында чыгууга болот (жардам үчүн кайрылган адамдардын кызыкчылыктарына кызыкчылыгы каршы келбеген ишеним көрсөтүүчүгө эгер мурда бул иш боюнча юридикалык жардам көрсөтпөгөн болсо).

**13.** Адвокаттын медатордук ишмердигинин салттык ишмердигинен айырмалай турган негизги белгилери болуп: *биринчи* – адвокат-медиатордун, баарынан мурда, келип чыгуучу карама-каршылыктарды жана ар түрдүү предметтик категориялардын конфликттик кырдаалдарындагы мамилелердин өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу анализге алуу менен байланышкан ишмердигинин предметтик чөйрөсүнүн айырмачылыктуу өзгөчөлүгү эсептелет. *Экинчи* – адвокаттын медиаторлук ишмердиги жүргүзүлүп жаткан өзгөчө тартип жана шарт, мында адвокат тарабынан жол-жоболук жалпы жетекчилик жүргүзүлөт, бирок мында чечимдин мазмунун аныктоо мүмкүнчүлүгү болбойт (медиация жүргүзүүдө императивдик жана атаандаштык башталыш, деталдуу процесстик регламентация жана үчүнчү жактын директивдүү ролу болбойт). *Үчүнчү* – адвокат медиатордун ролун аткаруу менен юридикалык талаштын тараптарына талашты токтотуу үчүн өз ара пайдалуу жана өз ара ыңгайлуу чечим кабыл алууну издөөгө көмөктөшүүчү көз карандысыз жана калыс ортомчу катары иш алып барат. *Төртүнчү* – адвокат медиатордун ролун аткаруу учурунда КЮЖ көрсөтүү иштери же юридикалык талаштын кайсы бир тарабына башка жардам көрсөтүү менен, ошондой эле талаш тараптары менен байланышкан башка адамдар менен байланышта болбошу керек. Мында адвокаттын медиаторлук ишмердигинин негизги максаты болуп: тараптардын ар биринин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо менен алар үчүн ылайыктуу шарттарды аныктоо жолу аркылуу конфликтешип жаткан тараптардын ортосунда келип чыккан талашты жөнгө салуу эсептелет (бул иштин жыйынтыгы менен медиативдик макулдашуу түзүлөт). *Бешинчи* – адвокат-медиатордун КЮЖ көрсөтүү айырмачылыгы ага жүктөлгөн кызматтардын өзгөчөлүгүнө жараша

болот, тактап айтканда: а) чатакташып жаткан тараптарга медиация процессинин укуктук табиятын, анын жүргүзүүнүн юридикалык кесепетин түшүндүрүү; б) тараптардын кызыкчылыктарын түшүндүрүү максатында жана бири-бирин туура түшүнүүсү үчүн тараптар келтирген далилдерди изилдөө жана алар койгон талаптардын мыйзамдуулугу көз карашына карата өз көз карашын негиздөө; в) тараптар арасындагы сүйлөшүү ресурстарын ачыктоого көмөктөшүү жана тараптардын алдын ала макулдугун жана туура келген вариантты издөөдөгү тараптардын кыйынчылыктарын эске алуу менен алардын ортосундагы келишпестикти токтотуу боюнча туура келген варианттарды жана жаңы идеяларды талкууга алып чыгуу; г) талашты жөнгө салуу жөнүндө медиатордук макулдашууну жана медиацияны колдонуу тууралуу келишимди түзүүгө жардам көрсөтүү; д) мыйзам чыгаруу талаптарын сактоо жана тараптардын эркине ылайык келүү көз карашынан медиация жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча медиативдик макулдашуунун долбоорун текшерүү; ж) конфликтеш тараптардан мындай тапшырма берилген болсо юридикалык талашты жөнгө салуу боюнча тараптардын медиативдик макулдугунун долбоорун түзүү жана кароого сунуш кылуу.

**14.** *Адвокаттык криминалистика* – өз ичине атайын билимди, методдорду, ыкмаларды, колдонуу сунуштарын жана ыкмаларды синтездөөчү криминалистика предметинин илимий-теориялык жоболорунун подсистемасы, буларды сотко чейинки өндүрүштөгү адвокаттык ишмердик чөйрөсүндө процесстик мыйзам чыгаруунун ченемдерине ылайык, соттук териштирүү баскычында ишеним көрсөтүүчүнүн укугун жана эркиндигин коргоонун натыйжалуу механизмин камсыз кылуу максатында адвокатка иш боюнча далилдерди жыйноого мүмкүндүк берет.

**15.** Адвокаттык криминалистиканын айрым концепцияларын иштеп чыгуу актуалдуу болуп эсептелет, бул төмөнкү көз карашка ылайык негизделет: биринчиден, коргоого алынуучу адамдардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо көз карашынан алганда адвокаттын ишмердиги процесстик айрым адамдардын ишмердигинен айырмаланып бир жактуу болуп эсептелет, анткени: а) адвокат айыптоочу тараптан айырмаланып иш боюнча далилдерди жыйноого жана сунуш кылууга укугу жок, булар ишеним көрсөтүүчүнүн абалын татаалдыштырып же кыйындатып салышы мүмкүн; б) адвокат мыйзам ченемдерин жетекчиликке алуу менен айыптоочу тараптын жоромолун толук түрдө же кайсы бир өлчөмдө жокко чыгаруучу жагдайларды гана тактоого жана аныктоого милдеттүү; в) корголуп жаткан адамды актоо же айыптоо жоромолун жокко чыгаруу максатында далилдик материалды жыйноонун ыкмаларын жана каражаттарын колдонуунун тартиби айырмаланат. Мында ЖПКнын ченемдерине негизделүү менен адвокаттын далилдерди жыйноо боюнча ишмердиги кыйыр мүнөздө гана болот, анткени Кыргызстандын мыйзам чыгаруучусу мындай далилдерди жыйноо жол-жобосунун өзүн тиешелүү деңгээлде жөнгө салган эмес. *Экинчиден*, КР КЖПКсынын ченемдеринде берилген ишмердиктин түрлөрүнүн кеңири спекторуна негизделүү менен адвокат алардын аркасы менен ар түрдүү укуктук

мамилелердин кесиптик субъектилеринин ичинен өзгөчө маанилүү, келип чыгуучу укуктук мамилелер динамикасынын ар кандай процесстерине таасир берүүгө, далилдерди көрсөтүү жолу менен, процесстин башка катышуучулары тарабынан бузууларга жана кыянаттык кылууга жол бербөөгө жөндөмдүү фигура деген маккамга ээ болот деп айтууга болот. *Үчүнчүдөн*, жазык сот өндүрүшүндөгү адвокаттык ишмердиктин процесстик жана криминалистикалык негиздери жазык-процесстик укуктун негизги базистик жоболору болуп эсептелет, алар өз ара да, өз алдынча да адвокат-жактоочунун абалын, позициясын, анын ишмердигинин предметин жана чегин, ишеним көрсөтүүчүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу максатында далилдөөгө эффективдүү катышуусунун потенциалдык мүмкүнчүлүгүн аныктайт. *Төртүнчүдөн*, процесстик жана криминалистикалык мамиледен караганда далилдөө процессине төмөнкү жагдайлар таасир этет: жазык процессинин атаандаштык шартында жактоо тарабынын жана айыптоочу тараптын субъектилеринин процесстик абалдары; жазык сот өндүрүшүнүн баскычтарына негизделүү аркылуу коргоо тактикасын жана коюлган максатка жетүү үчүн колдонулуучу далилдерди тандоону шарттайт; айыптоочу тарап катары катышкан процесстин катышуучуларынын да, башка корголуучулар тараптын атынан чыгуучу башка адамдардын каршы аракеттеринин даражасына көз каранды; адвокаттын карамагында болгон жетиштүү, ишенимдүү жана жөндүү далилдердин болушуна көз каранды. *Бешинчиден*, жазык-процесстик мыйзам адвокат эмнени жана өз милдеттерин кандай процесстик формада аткарышы керектигин аныктайт, бирок ал өз кызматын кандай негизде жүргүзө тургандыгын жана кандай тактикалык ыкмаларды колдонуу керектигин белгилебейт, коргоо тарабынан жыйналган актоочу далилдерди иштин материалдарына кошуу далилдерди жыйноодогу процесстик мыйзамдардын жаңы талаптарына карабастан айыптоо тарабынын ыктыярына көз каранды. *Алтынчыдан,* криминалистикалык системага киргизилген жана ал жерде өз алдынча орду бар жана укуктук чекте гана туруучу коргоо тактикасынын жана методикасынын чегинде адвокаттын ишмердиги, бирок, муну менен бирге мындай ишмердик мыйзам чыгаруунун ченемдери менен жөнгө салынбайт. *Жетинчиден*, адвокат ишмердиги чөйрөсүндөгү жаңыртылган мыйзамдын контекстинде криминалистика предметинин мыйзамченемдүүлүк өзгөчөлүгүн андан ары изилдөө, ошондой эле жазык процессинде далилдерди жыйноо, текшерүү, баалоо жана колдонууга таасир тийгизбей койбой турган жаңы институттардын пайда болушу өзгөчө көңүлдү талап кылат. *Сегизинчиден*, КР КЖПКсына «адвокаттык териштирүү» институтун киргизүү - криминалистика тарабынан иштелип чыккан мындай ишмердикти камсыз кылуу боюнча ыкмаларды, анын ичинде өзгөчө мүнөзгө ээ ыкмаларды, тактикалык комбинациялардын ыкмаларын жана каражаттарын тандоо боюнча сунуштарды колдонууну талап кылат.

**16.** Адвокаттардын көз карандысыздыгынын кошумча кепилдигин камсыз кылуу максатында учурдагы чараларга кошумча төмөнкү чараларды кабыл алуу зарыл: *а)* процесстин бул катышуучусунун кепилдигин жогорулатуу үчүн

адвокатты жазык жоопкерчилигине тартуу өндүрүшүнүн өзгөчө тартибин камсыз кылуу боюнча мыйзам чыгаруу чараларын кабыл алуу зарыл; *б)* «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 29-беренесин төмөнкү мазмун менен толуктоо зарыл: ***«адвокат, анын үй-бүлө мүчөлөрү жана алардын мүлкү мамлекеттин коргоосунда болушу керек. Аталган адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу ишти өндүрүшкө алган орган тарабынан жана КР КЖПКсынын 75-77-беренелеринде каралган чараларды көрүү менен жүргүзүлөт»***; *в)* Кыргыз Республикасынын адвокаттын кесиптик этикасы жөнүндө кодексинде «Кесиптик адвокаттык ишмердиктин жалпы кабыл алынган эл аралык принциптери» аталышындагы бөлүмдү киргизүүнү караштыруу керек, бул бөлүмдө аталган чөйрөгө тиешелүү таанымал эл аралык сунуштарды жана чет мамлекеттик ченемдик укуктарда көрсөтүлгөн стандарттарды берүү максатка ылайыктуу.

**17.** Автор тарабынан төмөнкүлөр иштелип чыкты жана иштин тиркемесинде сунуш кылынды: ***а)*** Кыргыз Республикасында чатакташып жаткан тараптардын юридикалык талаштарын жөнгө салууда адвокаттын медиатордун ролун аткаруусунун уюштуруучулук-укуктук модели; ***б)*** Кыргыз Республикасында да адвокаттык ишмердикти укуктук камсыз кылынышына да, адвокаттардын укук колдонуу практикасына да сын көз менен кароого мүмкүндүк берген адвокаттык ишмердикти уюштуруунун чет өлкөлүк тажрыйбасына автордук анализ, бул болсо өлкөдөгү адвокатура институтунун иштөө натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле Кыргыз Республикасында мурда каралбаган жаңы процесстик институттарды киргизүү боюнча чараларды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп берди; ***в)*** адвокат-жактоочунун укуктарынын базистик концептуалдуу элементтери сунуш кылынды, булар иш боюнча шектелүүчүнүн (айыпталуучунун) укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча анын негизги милдетин ишке ашыруу үчүн талап кылынат; ***г)*** адвокат-жактоочу иш боюнча натыйжалуу жыйынтыктарга жетүү үчүн жетекчиликке ала турган соттуу адамды психологиялык жактан коргоо механизминин негизги компоненттери сунуш кылынды.

**18.** Адвокатура тарабынан медиация жүргүзүү жана аны Кыргыз Республикасынын укуктук системасына интеграциялоо - чатакташып жаткан тараптардын ортосундагы юридикалык талаштарды чечүүнүн прогрессивдүү инновациялык методдорун кеңири жайылтууга жана өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет, бул - коомдогу чыңалууну төмөндөтөт жана мамлекеттин адвокатура институтунун конституциялык ролунун бир көрүнүшү болуп калат. Андыктан төмөнкү мүнөздөгү мыйзам чыгаруу чараларын кабыл алуу зарылдыгы аргументтелет:

**18.1.**Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүү киргизилсин, тактап айтканда: 3-берене төмөнкү принциптер менен толукталсын: 5) ак ниеттүүлүк, 6) акыл-эстүүлүк, 7) адилеттүүлүк.

**18.2.**Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин 4-пункту төмөнкү мазмун менен толукталсын: *«Тараптардын*

*макулдашууларына же медиаторлор уюму же медиация жүргүзүү жол-жобосун камсыз кылуу боюнча ишмердик жүргүзүүчү адвокаттык түзүм тарабынан бекитилген медиация жол-жоболорун жүргүзүү тартибине ылайык медиаторго, ошондой эле өз ишмердигин кесиптик негизде жүргүзүүчү адвокат-медиаторго кошумча талаптар белгилениши мүмкүн».*

**18.3.**Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын кемчилиги болуп анда медиацияны жүргүзүүнүн шарттары айтылып, бирок медиация жол-жобосунун жалпы тартиби жөнгө салынганбагандыгы эсептелет, андыктан медиацияны максималдуу натыйжалуу жүргүзүү максатында аны кайрадан иштеп чыгуу жана бул Мыйзамдын мазмунундагы аталган кемчилик түзөтүлүшү талап кылынат. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамынын жаңы $18^1$-беренесинин өз вариантыбыздагы мазмунун сунуш кылууга болот деп эсептейбиз.

*1) Медиация тараптардын медиация жол-жобосун жүргүзүү жөнүндө макулдашуу менен бекитилген, ушул Мыйзамдын жана мыйзам чыгаруучу башка актылардын талаптарына каршы келбеген тартипте жана шарттарда жүргүзүлөт.*

*2) Медиация жол-жобосун жүргүзүүнүн тартиби медиаторлор уюму бекиткен медиация жол-жобосун жүргүзүү эрежелеринин негизинде чатакташып жаткан тараптар тарабынан медиация жол-жобосун жүргүзүү жөнүндө макулдашууда бекитиши мүмкүн.*

*3) Медиаторлордун республикалык коомчулугу же медиация жол-жобосун жүргүзүүнү камсыз кылуу боюнча ишмердикти жүргүзүүчү тиешелүү (адвокаттык) коомчулук тарабынан бекитилген медиация жол-жобосун жүргүзүүнүн эрежелеринде төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек: а) талаштарды жөнгө салууда медиация жүргүзүүнүн бекитилген регламенти жана мөөнөтү колдонула турган талаштын түрлөрү; б) медиаторлорду шайлоо жана дайындоо тартиби;* в) *медиатор медиация жол-жобосун жүргүзүүдө медиаторлор уюму тарабынан бекитилген медиаторлордун кесиптик ишмердигинин стандарттары жана эрежелери жөнүндө маалыматтар; г) тараптар тарабынан бекитилген медиация жол-жобосун жүргүзүүнүн шарттары жөнүндө маалыматтар жана укуктук мамилелер чөйрөсү тарабынан аныкталуучу талаштардын айрым категорияларынын өзгөчөлүктөрүнө негизделүү; д) медиации жол-жобосун жүргүзүүдө тараптардын укуктары жана милдеттери жөнүндө маалыматтар*; е) *медиация жол-жобосун жүргүзүү менен байланышкан чыгымдарга тараптардын катышуу тартиби.*

*4) Медиатор медиация жүргүзүүдө тараптардын макулдугу менен гана аракет этиши керек жана талашты жөнгө салуу жөнүндө өз сунуштарын киргизүүгө, ошондой эле, эгер тараптар башка тууралуу макулдашпаган болсо талаш боюнча медиациянын предмети болуп эсептелген же эсептелүүчү бейтарап сот катары чыгууга укугу жок.*

*5) Медиатор тараптардын бардыгы менен да, алардын ар бири менен өзүнчө да жолугушуу өткөрсө болот, мында ал өз аракеттери менен кайсы*

*бир тарапты өзгөчө абалга дуушар кылууга, ошондой эле талаш тараптардын биринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын кемсинтүүгө укугу жок.*

*6) Медиатор өз кызматын медиация принциптерине ылайык аткарууга тоскоолдук кылуучу жагдайлар келип чыккан учурда кечиктирбестен андан баш тартууга милдеттүү.*

**18.4.** Адвокаттык ишмердикти медиатор катарында укуктук жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамына тиешелүү толуктоолорду киргизүү зарыл, атап айтканда:

1) 15-берене төмөнкү редакцияда берилсин: «*Адвокат деп жогорку юридикалык билими бар, ушул Мыйзамда белгиленген тартипте адвокат маккамын жана адвокаттык ишмердик жүргүзүү укугун алган, Адвокатуранын мүчөсү болгон Кыргыз Республикасынын жараны эсептелет. Адвокат жазык куугунтугу жана соттук териштирүү процессине катышуу укугуна ээ, укуктук маселелер боюнча көз карандысыз кесиптик кеңешчи, соттолуучу адамдардын атынан чыгуучу жана аракет кылуучу, зарыл учурда ишеним көрсөтүүчүлөрдүн катышуусу менен юридикалык талаштарды жөнгө салууга жардам көрсөтүүчү болуп эсептелет*».

*2)* 24-беренеге (**Адвокат тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын турлөрү**) өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин, атап айтканда:

«*1. Адвокат адвокаттык ишмердик жүргүзүү учурунда:*

*1-п. укуктук маселелер боюнча, ошондой эле юридикалык талаштарды жөнгө салуу менен байланышкан маселелер боюнча оозеки түрүндө да, жазуу түрүндө да кеңеш жана маалымкат берет;*

*2-п. арыз, даттануу, өтүнүч кат, мотивдүү макулдашуу жана укуктук мүнөздөгү башка документтерди түзөт;*

*3-п. бейтарап сотто, эл аралык коммерциялык арбитражда (сотто) жана жаңжалдарды чечүүчү башка органдарда элдештирүү жол-жоболорунда ишеним көрсөтүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргойт»;*

*3)* 24-берененин 1-бөлүмү 10-пунктча менен толукталсын жана төмөнкү редакцияда берилсин: «*10) кесиптик негизде медиатор ишмердигин жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жана анда белгиленген тартипте медиация жол-жобосуна медиатор катарында катышат*»;

*4)* 25-берененин 1-бөлүмү 11-пунктча менен толукталсын жана бул пункттагы 1 ден баштап 12 ге чейинки бардык пунктчалардын номерлерин алмаштыруу менен төмөнкү редакцияда берилсин: «*11) жарандык, үй-бүлөлүк жана башка укуктук мамилелерден, ошондой эле КР КЖКсында каралган жазык-укуктук мамилелерден келип чыгуучу талаштардын жөнгө салуу максатында медиация жол-жобосуна медиатор катарында катышат*»;

*5)* 25-берененин 2-бөлүмүнүн 2-пунктчасын Г пунктчасы менен толуктоо аркылуу төмөнкү мазмунда өзгөртүү киргизилсин: «*г) ушул адам тарап болуп эсептелген же тараптардын жок дегенде биринин кызыкчылыгы ушул*

*адамдын кызыкчылыктарына каршы келген талаш боюнча медиация жол-жобосунда медиатор катарында катышып жаткан же мурда катышкан*»;

*6)* адвокаттын юридикалык талашты жөнгө салууга медиатор катарында катышуусу үчүн макулдашуу эки (же андан ашык) ишеним көрсөтүүчү менен бекитилиши керектигин эске алуу менен «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 27-беренесине **(Юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу**) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-абзац төмөнкүдөй мазмун менен толукталсын: «*адвокаттын медиатор катарында юридикалык жардам көрсөтүшү адвокат-медиатор менен ишеним көрсөтүүчү катары чыгып жаткан талаш тараптардын ортосунда макулдашуунун негизинде берилет*»;

- 2-бөлүм төмөнкү редакцияда берилсин: «*Юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу ишеним көрсөтүүчүгө (ишеним көрсөтүүчүлөргө) же ишеним көрсөтүүчү белгилеген адамга юридикалык жардам көрсөтүү үчүн ишеним көрсөтүүчү (ишеним көрсөтүүчүлөр)» менен адвокаттын (адвокаттардын) ортосунда жөнөкөй жазуу түрүндө бекитилген жарандык-укуктук келишим болуп эсептелет*».

**18.5.** Медиатор катарында адвокаттык ишмердикти укуктук жөнгө салууну ылайыктап көргөндө Медиация жөнүндө мыйзамдын жана процесстик мыйзам чыгаруунун жалпы жоболору жетишсиз. «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасында адвокаттын кесиптик этикасы кодексине адвокаттын медиатордун ролун аткаруу мүмкүнчүлүгү менен байланышкан тиешелүү өзгөртүү киргизүү жолу менен атайын жөнгө салуу талап кылынат. Мындайда адвокаттык ишмердикти медиатор катарында жүргүзүүнү медиациялык ишмердикти укуктук жөнгө салуу менен байланыштыруу керек. Бул үчүн «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын адвокаттык медиаторлук ишмердик менен түздөн-түз байланыштуу жоболорго бир нече өзгөртүүлөрдү жана жаңы толуктоолорду киргизүү, тактап айтканда «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 3-бабына «**Адвокаттын медиация жол-жобосуна медиатор катарында катышуусу»** деген төмөнкү мазмундагы жаңы беренени кошуу зарыл:

*«1. Адвокаттын медиация жол-жобосуна медиатор катары катышуусу тараптардын ыктыярдуулук, калыстуулук, купуялуулук, тең укуктуулук жана медиаторлордун көз карандысыздык принциптеринин негизинде тараптардын өз ара эркин билдирген учурда болушу мүмкүн»;*

«2. *Адвокат медиация жол-жобосуна медиатор катары катышуу менен тараптарга юридикалык талаштарды жөнгө салууга жардам берет, ошону менен бирге тараптардын ортосунда келип чыгуучу талаштын, алардын өз ара аракеттешүүсүн жана чатакташып жаткан тараптардын каалоосу боюнча өзгөчөлүктөрүн жана жагдайларын эске алат*»;

*«3. Адвокат медиатордун ролун аткаруу учурунда тараптар үчүн алгылыктуу шарттарда жана мыйзамдын жоболорун жетекчиликке алуу менен талашты тезинен чечүү үчүн зарыл чараларды көрөт»;*

*«4. Адвокат медиация жол-жобосуна медиатор катары катышууда төмөнкүлөргө укуктуу эмес:*

*1) эгер мурда ошол адамдардын бирөөнө болсо да юридикалык жардам көрсөтүп жатса же мурда көрсөткөн болсо, же кызыкчылыктары ошол адамдардын бирөөнө болсо да каршы келе турган болсо медиатор катары талашты жөнгө салууга жардам көрсөтүү үчүн ага кайрылган адамдардан тапшырма алууга;*

*2) медиация жүргүзүү учурунда юридикалык талаш тараптын биринен алган маалыматты алардын макулдугусуз экинчи тарапка жеткирүүгө;*

3) *талаш тараптардын бирин экинчи тараптан өзгөчөрөөк абалга коюуучу ишмердикти жүргүзүүгө».*

«4. Адвокат-медиатор юридикалык талаштардын шарттарына тиешелүү өз сунуштарын алардын ортосунда тиешелүү макулдашуулар бар болгон учурда жана тараптардын макулдугу менен, ошондой эле эгер жасалган аракеттерге карабастан тараптардын медиативдүү макулдашууга келиши мүмкүн болбой жаткан учурда тараптардын кароосуна алып чыгууга укуктуу».

**18.6** «Кесиптик негизде медиативдик ишмердикти алып барып жаткан адвокаттардын ишмердигин уюштуруунун формалары» деген жаңы беренени караштырылсын жана ал төмөнкү редакцияда берилсин:

«1) Адвокаттын медиатордун ролун аткаруусу адвокаттык ишмердиктин алкагында жана адвокаттардын ишмердигин уюштуруунун төмөнкү формаларында гана мүмкүн:

- адвокат-медиатордун «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын 16-беренесине ылайык медиативдик ишмердикти жүргүзүүсү үчүн адистешүүчү адвокаттык кабинетти уюштурушу;

- *мүчөлөрү медиативдик ишмердикке адистешкен жана ушул ишмердикти гана жүргүзүүчү адвокаттар коллегиясы же адвокаттык бюро формасында адвокаттык уюмдарды уюштурушу («Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын $16^2$ жана $16^3$ - беренелерине ылайык);*

- *башкаруучу өнөктөш конкреттүү адвокатты же адвокаттар тобун көрсөтүү менен макулдашуу түзгөн чатакташып жаткан тараптардын юридикалык талаштарын жөнгө салуу боюнча медиативдик ишмердикти жүргүзүүгө адистешкен адвокаттарды же адвокаттардын тобун адвокаттык уюмдун курамынан бөлүп көрсөтүү».*

2) Адвокаттарга медиаторлордун жалпы республикалык реестрине кирүүсүнө жол берилбейт.

3) Адвокат юридикалык талаштын тараптарына медиатор катарында жардам көрсөтүүсү үчүн адвокаттык ишмердик жүргүзүүчү адвокаттык уюмга тиешелүү тапшырма менен чатакташып жаткан тараптардын түздөн-түз кайрылуусу зарыл.

**18.7.**Адвокаттын медиативдик ишмердикти тийиштүү деңгээлде аткаруусу максатында жана юридикалык талаштарды чечүү максатында Кыргыз Республикасынын адвокаттардын кесиптик этикасы кодексине адвокат-медиаторго коюлуучу жаңы талаптарга тиешелүү өзгөртүү киргизүү зарыл. Атап айтканда, аны «**Медиативдик ишмердикти жүргүзүп жаткан адвокатка коюлуучу минималдык стандарттар**» деген жаңы бөлүм менен толуктоо керек жана анда төмөнкү кесиптик көндүмдөрдү чагылдыруу зарыл:

1) Катышуучулардын бири-бирине карата тең укуктуу болгон сыяктуу адвокат да алардын көз карашына жана кызыкчылыктарына урмат көрсөтүү менен чатакташып жаткан тараптар менен өз ара аракеттеше алышы керек.

2) Адвокат келишпестикти өз алдынча жөнгө салуунун атаандаштык, мажбурлоо жолу менен чечүүгө салыштырмалуу артыкчылыктарын юридикалык талаштын тараптары үчүн жеткиликтүү формада түшүндүрүп бере алышы керек.

3) Адвокат тараптардын ар бири менен түздөн-түз аракеттешүү аркылуу конфликтти башкаруу, тараптар менен көйгөйлүү аспектилерди биргеликте талкуулоонун жүрүшүндө психологиялык атмосфераны жөнгө салуу жана контролдоо шыгына ээ болушу керек.

4) Адвокат тараптардын муктаждыктарына жана кызыкчылыктарына концентрацияланышы керек жана юридикалык талаштын тараптарынын ар биринин позициясын ачыктай билүүсү керек.

5) Адвокат медиация учурунда келип чыгуучу конфликтик кырдаалдарды жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо жана карама-каршылыктарды токтотуу, алгылыктуу чечимдердин ар түрдүү варианттарын табуу позициясынан аларды анализдей алышы керек.

6) Адвокат тараптардын талаш маселелерди өз алдынча чечүүгө багыттай билиши керек жана тараптардын өз ара пайдалуу чечимдерди иштеп чыгуусун колдошу зарыл.

7) Адвокат мыйзам тарабынан каралган элдештирүү жол-жоболорун жүргүзүүгө жалпы жетекчилик кыла билиши керек.

**18.8.** Медиаторлордун кесиптик этикасы жөнүндө өзүнчө кодекс иштеп чыгуу жана кабыл алуу негиздүү болуп саналат. Болочок адвокат-медиаторлор аталган документти даярдоого активдүү катышуулары керек деп эсептейбиз жана андан ары бул ролду аткарууда өз ичине «Кыргыз Республикасынын Медиация жөнүндө» Мыйзамынын жоболорун камтый турган «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамын, Адвокаттын кесиптик этикасынын кодексин да, медиаторлордун кесиптик этикасы жөнүндө бирдиктүү кодексти да жетекчиликке алышы керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжалары автор тарабынан жеке алынгандыгы менен тастыкталат. Коргоого коюлуучу жоболор диссертанттын жеке өзү тарабынан иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо**. Изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары автор тарабынан илимий макалаларда берилди, ошондой эле Ош мамлекеттик университетинин кылмыш-жаза укугу жана процесси

кафедрасынын отурумдарында, Кыргыз Республикасынын ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Академиясынын илимий-практикалык конференцияларында, ошондой эле эл аралык конференцияларда баяндалган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган негизги жыйынтыктар жана сунуштар жарыяланган 16 илимий макалаларды чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАКынын талаптарына ылайык көлөмдө аткарылды. Иштин түзүмү анда изилденген көйгөйдүн мүнөзүнө жараша аныкталды. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, он бир бөлүмдөн, корутундудан, тиркемеден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделет, максат жана милдеттери берилет, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, алынган илимий жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү, теманын илимий-изилдөө программалары менен болгон байланышы аныкталат, коргого коюлуучу негизги жоболор, автордун жеке салымы чагылдырылып, изилдөөнү апробациялоо жөнүндө маалымат келтирилет.

**Биринчи бап «Адвокаттык ишмердикти уюштурууну укуктук жөнгө салуу көйгөйлөрү»** деп аталып, өз ичине үч бөлүмдү камтыйт.

<u>Биринчи баптын биринчи бөлүмү</u> *«Адвокаттык ишмердиктин маңызы жана юридикалык табияты».*

<u>Биринчи баптын экинчи бөлүмү</u> *«Адвокатура - азыркы коомдун укуктук институту катары жана аны реформалоо перспективасы».*

<u>Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү</u> *«Айрым чет өлкөлөрдөгү адвокатура институтунун өзгөчөлүктөрүнүн укуктук мазмунун анализдөө жана адвокат ишмердигинин негиз салуучу эл аралык стандарттары».*

Адамдардын жана жарандардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо чөйрөсүндөгү көйгөйлүү маселелерге юридикалык коомчулук тарабынан олуттуу көңүл бурула тургандыгы туура болуп эсептелери автор тарабынан белгиленет. Адвокатура институтун изилдөөгө, анын ичинде адвокаттык ишмердикти уюштуруунун, адвокатура кызматынын мазмунуна тиешелүү маселелерге бир нече россиялык окумуштуулар кайрылышкан, аларга: В.М. Ануфриев, Б.Т. Безлепкин, А.Д. Бойков, С.В. Бровченко, А.А. Власов, А.В. Воробьев, С.Н. Гаврилов, АЛ. Галоганов, А.В. Гриненко, Л.Ю. Грудцына, Л.А. Демидова, В.А. Еронин, А.В. Иванов, Р.А. Каменецкий, Н.И. Капинус, О.В. Качалова, В.И. Качалов, Н.Н. Клен, Д.Н. Козак, Э.Е. Колоколова, Ю.А. Костанов, В.В. Кукель, М.М. Курманов, А.Г. Кучерена, А.В. Лохвицкий, Ю.Ф. Лубшев, Н.А. Лукичев, В.В. Мельник, С.А. Невский, Н.П. Никифорова, В.Л. Павловский, А.В. Поляков, В.И. Радченко, А.С. Савич, В.И. Сергеев, Г.А. Смагин, Е.М. Смирнова, М.Б. Смоленский, П.В. Сотов, Л.А.

Стешенко, И.Ю. Сухарев, Е.Г. Тарло, Ю.В. Тихонравов, И.Л. Трунов, М.С. Усманова, Л.Б. Хван, Т.М. Шамба, С.Ф. Ширинский жана адвокатура институтун Россияда изилдеген башка окумуштууларды киргизүүгө болот.

Адвокатуранын учурдагы көйгөйлөрү менен тигил же бул деңгээлде көптөгөн окумуштуулар алектенген, андыктан изилдөөнүн теориялык базасын иликтөө учурунда төмөнкү: М.А. Авдеев, С. Ария, С. Астахов, М.Ю. Барщевский, Л.Н. Бардин, В.Н. Буробин, Т.Д. Бутовченко, А.Д. Бойков, Б.Т. Безлепкин, С.И. Володина, А.А. Воронов, А.П. Галоганов, Е.А. Галоганов, С.Н. Гаврилов, Ю.П. Гармаев, Е.П. Данилов, А. Денисова, С.А. Деханов, Л.М. Дмитриевская, В.В. Калитвин, М. Копырина, А.Г. Кучерены, Н.В. Кузнецов, В.Г. Кушнарев, Ю.В. Кореневский, В. Куликов, Ю.Ф. Лубшев, Я.М. Мастинский, А.И. Мгшаков, Г.Б. Мирзоев, Р.Г Мельниченко, Т.И. Нинциев, Г.П. Падва, А.Н. Понасюк, Ю.С. Пилипенко, Г.М. Резник, О. Руденко, Е.В. Семеняко, В.И. Сергеев, М.Б. Смоленский, Е.Г. Тарло, А.В. Хоменя, Г.К. Шаров, А.А. Щерба, А.Т. Филиппов жана башка авторлордун эмгектери колдонулду.

Диссертациялык иштердин көбү түшүнүк аппаратын аныктоого байланышкан маселелерге («адвокат», «адвокатура», «адвокаттык ишмердик» түшүнүктөрүнүн мазмунун изилдөөгө) арналган. Бул көйгөйдү изилдөө В.Н. Буробин, Г.А. Воскресенский, С.В. Дедиков, А.Я. Курбатов, Р. Куссмауль, Г.Б. Мирзоев, Н.А. Подольный, Г.М. Резник, А.Х. Саидовдордун эмгектерин колдонуу менен ишке ашты.

Адвокат менен анын ишеним көрсөтүүчүсүнүн ортосундагы мамилени бекемдөө сыяктуу, ошондой эле макулдашуу менен байланышкан маселелерди изилдеген авторлорго: В.П. Кашепов, А.Г. Кучерены, В.Л. Павловский, В.И. Радченко, Г.А. Смагин, Е.Г. Тарлону киргизүүгө болот.

Сапатсыз юридикалык жардам көрсөткөндүгү жана макулдашуунун шарттарын бузгандыгы үчүн ишеним көрсөтүүчүнүн алдында адвокаттын жоопкерчилигине карата төмөндөгү авторлор өз изилдөөлөрүн арнаган: С.В. Бровченко, Л.Ю. Грудцына, В.А. Еронин, А.В. Иванов, Н.Н. Клен, Д.Н. Козак, Э.Е. Колоколова, М.М. Курманова, А.В. Лохвицкий, Н.А. Лукичев, А.С. Савич, Л.Б. Хван ж.б.

Жактоочунун катышуусу көйгөйүнүн ар кандай теориялык жана практикалык аспектилерин изилдөөгө кыргыз жана казак окумуштуулары бир канча эмгектерди арнашкан, алардын ичинен: Е.О. Алауханов, Л.Ш. Берсугурова, С.Ф. Бычкова, С.К. Журсимбаев, А.А. Исаев, К.А. Исаева, К.Ж. Капсалямов, М.Ч. Когамов, О.Д. Ким, М.О. Ким, Д.К. Канафин, Г.К. Кожома, С.К. Кожоналиева, С.С. Молдобаев, Э.П. Мухамеджанов, К.Н. Нурбекова, К.И. Нуржаубаева, А.С. Нуралиева, Л.Ч. Сыдыкова, Б.Г, Тугельбаева, А.С. Осмонова, В.Ш. Табалдиева, Б.Х. Толеубекова, А.К. Тугел, С.Т. Тыныбеков, Л.Б. Хван, Т.Т. Шамурзаев, Р.Н. Юрченкону ж.б. атап кетүүгө болот.

Казакстан жана Кыргызстандын жаш окумуштууларынын ичинен Нурмаганбет Ермек Талантулынын «Процессуальные основы деятельности адвоката-защитника на предварительном расследовании по уголовному делу»

(2012-ж.), Б.А. Жакуповдун «Участие адвоката-защитника в судебных действиях: процессуальные и тактические аспекты» (2008-ж.), К.Ж. Дуйшеевдин «Участие защитника в доказывании» (2013-ж.) эмгектерин белгилөөгө болот.

Окумуштуулардын жогоруда аталган эмгектери бир жагынан изилдөөнүн бул багытынын жетиширелик деңгээлде актуалдуулугу жөнүндө күбөлөндүрсө, экинчи жагынан адвокатуранын алдында турган жана бүгүнкү күнгө чейинки чечилишин талап кылуучу көйгөйлөрдүн созулуу мүнөзгө ээ экендигин далилдей тургандыгы шексиз. Муну иштин киришүүсүндө берилген иштин актуалдуулугу да тастыктайт.

Иштин бул бөлүмүндө автор тарабынан адвокаттык ишмердиктин юридикалык табиятына, маңызына, ошондой эле ага мүнөздүү болгон Кыргыз Республикасынын адвокатура институтуна тиешелүү кайрадан кабыл алынган мыйзамдарындагы белгилерине карата жеке көз карашы берилди. Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын ишмердигин уюштурууну ишке ашыруучу мыйзамдарга жана чечилүүнү талап кылуучу көйгөйлүү маселелерге салыштырма-укуктук аспектиде анализ жүргүзүлдү.

Диссертант адвокаттын ишмердүүлүгүн юридикалык жардамды, анын формаларын жана түрлөрүн түзүүчү мазмунга негизделүү менен карап чыгууга басым жасайт. Мында семантикалык жактан ар түрдүү «түр» жана «форма» сөздөрүнүн бар экендиги белгиленет, андыктан каралып жаткан учурда мыйзам чыгаруу аспектисинде адвокатуранын ишмердигин уюштурууда да бул принципиалдуу болуп саналат. КЮЖдын түрлөрүн ажыратып кароонун негизине ылайык төмөнкүлөрдөн: а) адвокаттык ишмердиктин жол-жоболук эрежелерин аныктоочу тармактык мыйзам чыгарууну процесстик регламентациялоонун предметинен; б) мыйзам чыгарууну материалдык жөнгө салуудан келип чыгуучу адвокаттык коргоо предметинен келип чыгуучу эки негизги предметтик критерийдин болушу керек. Андыктан, автордун ою боюнча «адвокат тарабынан көрсөтүлүүчү юридикалык жардамдын түрү» термини туура келет жана логикалуу болуп саналат, бул терминди - ишеним көрсөтүүчүнүн «юридикалык адвокаттык ишмердикти» алууга карата муктаждыгынан келип чыккан ишмердиктин чегинде адвокаттар колдонуучу кесиптик көндүмдөрдүн, ыкмалардын, метод жана технологиялардын өзгөчөлүгү менен шартталган КЮЖ көрсөтүүчү өз алдынча багыттын жалпылыгын бириктирген, аткарылуучу аракеттердин комплекси деп түшүнүүгө болот. «Юридикалык адвокаттык ишмердиктин формасын» адвокаттык ишмердикти жүргүзүү үчүн зарыл болгон адвокаттык коомчулукту уюштуруучу деп эсептейт автор.

Автор иште адвокатураны азыркы учурдагы коомдун укуктук институту көз карашынан карайт, адокатура институтуна илимий баа берилди, адвокаттык системанын маанилүү элементтери болуп эсептелген анын максаттарына, ишмердүүлүк принциптерине, уюштуруучулук түзүмү көрсөтүлдү.

Адвокатураны адвокатура институту көз карашынан изилдөө авторго адвокатура жөнүндө илимдин предметин мазмундук жактан толуктоого карата

өз көз карашын берүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ар түрдүү булактарга анализ жүргүзүү менен, ошондой эле алыскы чет өлкөнүн тажрыйбасына таянуу менен автор конкреттүү мамлекеттин укуктук системасы таянган жана коргоо институтунун аракеттерин жөнгө салган ченемдик укуктук документтердин үч тобунан баш тартууну логикалуу деп эсептейт. *Биринчи топко* конституциялык мүнөздөгү документтер кирет. Мында мамлекет өз ишмердигинин приоритеттүү чөйрөлөрүнүн бири катары жарандардын укугун жана эркиндигин сактоону эсептей тургандыгы толук түрдө мыйзам ченемдүү болуп эсептелет жана бул Конституция сыяктуу укуктук документтердин негиз салуучусунда чагылдырылган. *Экинчи топко* укуктун ар түрдүү тармактарындагы адвокаттык корпустун иш алып баруусунун бардык чөйрөсүн чагылдыруучу тармактык мыйзамдар кирет. Адвокат-жактоочунун ишмердиги өзүн коомдун ар кандай чөйрөлөрүндө көрсөтүү аркылуу көп спекторлуу мүнөзгө ээ экендигин эске алуу менен аны жөнгө салуу тармактык мыйзам чыгаруулар менен ишке ашырылат. *Үчүнчү топ* деонтологиялык мүнөздөгү актыларды өз ичине камтыйт. Муну менен коргоо институтун укуктук жөнгө салууну жана адвокаттык негизги субъектисин анализдөө анын жалпы мүнөзгө ээ болгондугун айтууга мүмкүндүк берет.

Бул бөлүмдө «адвокатура» институтун реформалоонун перспективасына карата автордук көз караш берилди.

**Экинчи бап «Изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** деп аталып, өз ичине бир бөлүмдү «*Изилдөөнүн объектисин, предметин жана методдорун*» камтыйт.

Бул бапта изилдөөнүн объекти жана предмети аныкталат, ошондой эле изилдөөнүн материалдары, ыкмалары жана жабдуулары жөнүндө маалымат берилет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп адвокаттык ишмердикти өнүктүрүүнү уюштуруучулук жана укуктук жактан камсыз кылуу чөйрөсүндө келип чыккан коомдук мамилелердин жыйындысы, ошондой эле адвокатуранын адамдардын укугун жана эркиндигин коргоону камсыз кылуу менен байланышкан конституциялык-укуктук кызматты жана Кыргыз Республикасынын реформалоонун шартында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнү ишке ашыруучу атайын институт катары иш алып баруусу эсептелет.

**Изилдөө предмети** төмөндөгүлөр болду: а) адамдын сот өндүрүшү жаатындагы укуктарын жөнгө салуучу конституциялык ченемдердин жыйындысы; б) адвокатуранын ишмердигин жөнгө салуучу Кыргызстандын мыйзам ченемдери, ошондой эле адвокатураны корпоративдик жана мамлекеттик башкаруу органдарынын ченемдик актылары; в) адвокат-жактоочунун жазык сот өндүрүш чөйрөсүндөгү ишмердигин жөнгө салуучу жазык-процесстик ченемдердин жыйындысы; г) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн мазмундук маселелери жана юридикалык талаштарды альтернативдүү чечүү боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий жетишкендиктери жана теориялык изилдөөлөрү; д) каралып жаткан чөйрөдөгү маселелерди жөнгө салуучу чет өлкөлүк мыйзам

ченемдер.

**Илимий-изилдөө ишинин негизги материалдары** болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекстери, «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык ишмердик жөнүндө» Мыйзамы, Адвокаттардын кесиптик этика кодекси, Кыргыз Республикасынын «Медиация жөнүндө» Мыйзамы.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** илимий таануунун диалектикалык методу, системалык жана функционалдык анализ методу, индукция, дедукция, анализ, синтез, абстракциялоо, конкреттештирүү, жалпылоо, аналогия, формалдаштыруунун логикалык методдору жана башка жалпы илимий методдор түзөт. Изилдөө жүргүзүүнүн алкагында формалдуу-юридикалык, салыштырма-укуктук, социологиялык, статистикалык, прогноздоо жана башка жеке илимий методдор колдонулду.

Ишти даярдоо учурунда адвокатология, жалпы (социалдык) жана юридикалык конфликтология илимдеринин, укуктун социологиясы, укуктун жалпы теориясы, криминалистиканын, жазык укугунун жетишкендиктери пайдаланылды. Изилдөөнүн теориялык негизинин маанилүү бөлүгүн чет өлкөлүк жана ата мекендик авторлордун каралып жаткан чөйрөдөгү көйгөйлүү маселелерге арналган эмгектери түздү.

**Үчүнчү бап «Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам алууга карата конституциялык укукту ишке ашырууда адвокатуранын ролу»** деп аталып, өз ичине үч бөлүмдү камтыйт.

<u>Үчүнчү баптын биринчи бөлүмү</u> *«Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам менен камсыз кылууну уюштуруунун жана адвокатураны ишмердигинин приоритеттүү принциптери».*

<u>Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү</u> *«Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшүндө адамды коргоого карата конституциялык укугун ишке ашыруу механизмине карата квалификациялуу юридикалык жардам».*

<u>Үчүнчү баптын үчүнчү бөлүмү</u> *«Адвокаттык ишмердик жана анын айыптоо тарабынан кетирилүүчү бузуулардын алдын алуудагы жана квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү учурунда соттук каталарга жол бербөөдөгү орду».*

Бир канча мамлекеттердин мыйзамдарына, ошондой эле атайын адабияттарга жүргүзүлгөн анализ изденүүчүгө жана кеңири жайылтылган же Кыргыз Республикасындагы адвокаттык ишмердикти уюштуруунун өзөгүндө болуш керек болгон принциптердин айрым өзгөчөлүктөрүн чагылдырууга мүмкүндүк берди. Булардын негизинде иште Кыргыз Республикасындагы адвокаттык ишмердик таяна турган система жана принциптердин тизмесине карата жеке көз караш сунуш кылынды. Ошону менен бирге изилдөөдө берилген принциптердин үч тобу адвокатура ишмердигин уюштуруучулук негиздеринин мазмунун, юридикалык жардам көрсөтүүнү, ошондой эле мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды көрсөтүүдө адвокаттын ишмердигинин мазмуну, негиз салуучу жоболорду аныктоочу өзгөчөлүктөрдү дифференциациялоо зарылдыгына таянат.

Мамлекеттик органдардын адвокаттар тарабынан мыйзамдарды жана адвокаттык түзүмдөрдүн мамлекеттин укугун сактоосуна көзөмөл кылуусу бир эле адвокатурага гана эмес, коомдогу уюшкан түзүмдөрдүн бардыгына, юридикалык жана жеке жактарга да колдонула тургандыгын көрсөтөт. Адвокаттык өзүн өзү башкаруу органдарынын мыйзамсыз аракеттерине карата кызыкдар адамдар тарабынан даттануулар менен кайрылган учурларда, ошондой эле адвокаттык сот процессинде укуксуз жүрүм-турумуна карата соттук контрол да болушу мүмкүн.

Муну менен бирге ар кайсы булактарды анализге алуу мыйзамдуулук көйгөйүнүн башка тарабы жөнүндө да күбөлөндүрөт, атап айтканда адвокаттын укуктарын жана ыйгарым укуктарын бузууга, айрыкча коргоо жүргүзүүдө жазык сот өндүрүшү чөйрөсүндөгү бузууларга тиешелүү.

Автор мыйзамдуулук принциби мамлекеттик жана коомдук жашоонун кеңири спектрин камтыгандыгына жана мыйзамдардын так, милдеттүү түрдө сакталышын жана аткарылышын божомолдогонуна карабастан, юридикалык жардамды камсыз кылууга карата анын башкача өзгөчөлүктүү мааниси бар деп эсептейт. Атап айтканда: *биринчиден*, адвокаттык түзүмдөр адвокатура институтун уюштурууну жана анын ишмердигин жөнгө салуучу «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» колдонуудагы Мыйзамга ылайык түзүлөт, муну мене бире аны уюштуруунун айрым аспектилери жарандардын укугун жана эркиндигин, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын коргоого тиешелүү башка мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актылар менен да аныкталат; *экинчиден*, коргоо тарабы өз ишмердигинде ченемдик актылардын жана мамлекеттик органдардын, ошондой эле өз ишмердиктерин мыйзамдын, анын ичинде юстиция органдарынын ченемдерине ылайык жүргүзүүчү кызмат адамдарынын талаптарын жетекчиликке алууга милдеттүү; *үчүнчүдөн* – ишеним көрсөтүүчүгө юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттар мыйзам чыгарууларды бузган учурда мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликти тартышат; *төртүнчүдөн*, мыйзамдуулук принциби адвокат өз ишмердигин жүргүзүү учурунда соттордун, прокуратура органдарынын, сотко чейинки өндүрүш органдарынын, укук колдонуу ишмердигинин башка субъектилеринин мыйзам ченемдерин бузууларын аныктайт жана кетирилген бузууларды түзөтүүгө жана өз ишеним көрсөтүүчүлөрүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүүгө аракет кылат деп божомолдойт.

Бул принцип адвокаттын көз карандысыздыгын камсыз кылуунун укуктук инструменти болуп саналат, анткени адвокат өз ишмердигинде укуктун ченемдерин гана жетекчиликке алуу менен укук коргоо ишмердигинин башка субъектилери менен өз ара аракеттешүүнүн ченемдик деңгээлин бекемдейт.

Иште изилдөөдө сунуш кылынып жаткан принциптердин олуттуу системасына мүнөздөмө жана автордук көз караш берилди.

Ар кандай булактарга карата контент-анализ авторго КЮЖ алууга карата укук деп төмөнкүлөрдү негиздегенге мүмкүндүк түздү: *1)* адвокатуранын укуктук маккамынын түзүүчүсү болуу менен бирге КЮЖ алууга карата укук

адамдын конституциялык укугунун жана эркиндигинин негизги укуктук институтунун бөлүнгүс элементи болуп эсептелет жана укуктук маккамдын негизин билдирет; *2)* Кыргыз Республикасынын Конституциясы муктаж болгон ар бир адамдын мыйзамдуу кызыкчылыгын, укугун жана эркиндигин коргоо максатында тармактык мыйзам чыгаруу тарабынан аныкталган юридикалык жардамды көрсөтүү милдети жүктөлгөн адвокатка кайрылуу мүмкүнчүлүгүн камсыздай турган кепилдик болуп саналат. Мында адвокаттын КЮЖды кесиптик деңгээлде көрсөтүүсүнүн негизги критерийи болуп ишеним көрсөтүүчүнүн кызыкчылыктарын жактоо жана коргоо учурунда анын ишмердигин баалоо эсептелет, мындай контроль мыйзамдык деңгээлде ишке ашырылат.

Изденүүчүнүн ою боюнча КЮЖ алууга карата укуктардын чектелишине мүмкүндүк бербөө - бул укуктун ченемдик мазмунун мыйзамдуу конкреттештирүү зарылдыгын, анын чегин аныктоону, аны ишке ашыруунун уюштуруучулук-укуктук механизмин жана жол-жоболорун, ошондой эле укуктун субъектилеринин айрым категориялары тарабынан аны ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн жок кылбайт.

Адвокатура бүгүнкү күндө сот адилеттүүлүгү менен тыгыз байланышта болгон өз алдынча укуктук институтту билдирет. Муну менен бирге, атвордун көз карашы боюнча адвокат КЮЖ көрсөтүүнүн активдүү катышуучусу катары профилактикалык мүмкүнчүлүккө ээ жана соттуу адамдын укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча конституциялык кепилдиктерди камсыз кылуу системасындагы фундаменталдуу орундардын бирин ээлейт, анткени ал адамдарга төмөнкүлөргө: чыгарылган соттук чечимге карата анын макул эместиги жаралганда, ошондой эле кетирилген соттук каталардын натыйжасында соттук актынын мыйзамсыздыгын далилдей турган негизделген укуктуу позицияны түзүүгө; өз укугун коргоого жана бийликтин ар кандай органдары, анын ичинде сотко чейинки өндүрүш органы тарабынан жасалган кайдыгерликке каршы аракет кылууга мүмкүндүк берет.

Автор соттук каталарды эки класска ажыратат: *биринчиси* – бул кылмыш окуясынын фактылык жагдайларынын таануучулук функциялары менен байланышкан каталар, алар: а) жосундун чыныгы жагдайын аныктоо туура эмес, чындыкка жатпагандыгы; б) таануу үчүн толук негиздин же фактыларды ишенимдүү констатациялоонун жоктугу; в) соттолуучу адам аткарды деген жосунду материалдык-укуктук жактан туура эмес баалоо. *Экинчиси* – бул соттолуучу адамды жазалоонун түрүн жана чарасын аныктоо же тескерисинче аны жазалоодон бошотуу менен байланышкан (кетирилген процесстик, жазык-укуктук каталарды кетирүү менен түшүндүрүлүүчү) каталар. Процесстик жактан мындай учурда соттук каталар соттун чечиминин иштин чыныгы жагдайы менен дал келбестиги, аларды диссертанттын көз карашы боюнча төмөнкүдөй ажыратууга болот: 1) соттун чечиминин иштин чыныгы жагдайы менен дал келбестигинен улам келип чыккан каталар, анткени сотко алынып келген жана сотто каралган далилдер менен, ошондой эле коргоо тарабынан тастыкталбайт; 2) соттун өкүмдө жазылган чечимдеринде кабыл алынган чечим

көрсөтүлгөн эмес жана негизделбеген, бир далилди эсепке албоо жана алардын ортосундагы карама-каршылыктар бар болгон учурда негиз катары башка далилдерди кароо; 3) соттун өкүмүндө адвокат тарабынан сунуш кылынган, иш боюнча чечим кабыл алуу үчүн маанилүү болуп саналган жагдайлар берилген эмес жана сот тарабынан эске алынган эмес; 4) соттун өкүмүндө олуттуу карама-каршылыктар камтылган, алар жазалоо квалификациясынын тууралыгына жана чараларды аныктоого таасир тийгизиши мүмкүн.

Аталган дал келбестиктер бекитүүдө келип чыккан каталарга негизделиши мүмкүн: далилдөөнүн айрым элементтерин: жазык-укуктук жактан далилдөө каражаттарын баалоо, соттук каталар төмөндөгүлөрдө: а) жакталуучунун ниетинин багыты сот тарабынан туура эмес аныкталганда; б) айрым сандык жана баалоочу түшүнүктөр туура эмес түшүндүрүлгөндө (мисалы, катаалдык, өтө катуу толкундануу, муктаж абалда болгондугу аныкталганда ж.б.); в) кылмыштын айрым курамдарынын кошумча калификациясын аныктоодо; г) кылмыштык түзүмдөр тарабынан аткарылган кылмыш жосундарды чектөөдө, кошо кылмыш аткарууну квалификациялоодо, жардам көрсөтүүдө ж.б.; д) узакка созулган кылмыштарды аткаруудагы убакытты, ошондой эле мыйзам аракеттерин жана анын кайтарым күчүн аныктоодо турат.

Иште көрсөтүлгөн типтүү каталар жайылтылган мүнөзгө ээ, андыктан коргоо тарабынан өзгөчө көңүлгө алынуучу предмет болушу керек. Адвокат анын ишеним көрсөтүүчүсүнө зыян келтире турган каталарды сотко көрсөткөнгө укугу жок, бирок муну менен бирге каталарды табуу кассациялык жана көзөмөл инстанцияларда аларды жоюу үчүн негиз болуп бериши мүмкүн, бул болсо жакталып жаткан адамга карата сот адилеттүүлүгүн ишке ашыруунун деңгээлин жогорулатууга жана соттук каталарга андан ары жол бербөөнүн алдын алууга мүмкүндүк бермек. Соттун кадыр-баркы ал караган жазык иштеринин сапатына жараша болот. Соттун жүрүм-турумундагы так эместиктер, анан калса жаза өкүмүн чыгаруудагы адилетсиздик сот бийлиги органдарына карата ишенбестикти пайда кылат. Адвокаттын бул процесстерге катышуу маанисин баалабай коюуга мүмкүн эмес.

Автор Кыргыз Республикасынын территориясында колдонулган жазык-процесстик мыйзам чыгаруулар олуттуу кайрадан карап, иштеп чыгууну, алардын айрымдары жаңы редакцияны талап кылган бир канча ченемдерди камтып турат деп эсептейт, адвокаттын ишмердигинин мурда болгон парадигмаларын кайрадан карап чыгуудан улам жана КР кайрадан күчүнө кирген КЖПКсына киргизилген, мамлекеттин жалпы адамзаттык кызыкчылыктарына жана баалуулуктарына карата мамилесин чагылдырган, каралып жаткан укук коргоо институтунун олуттуу өзгөртүлгөн жоболору иште берилген изилдөөнүн натыйжаларын тастыктайт. Жазык иштери боюнча коргоо институтунун негизин түзүүчү адвокаттык ишмердик мамлекеттик кызыкчылыктардын чөйрөсү жана мамлекеттин укуктук системасынын түзүүчү бөлүгү болуп саналат, андыктан анын мыйзам чыгаруучулук регламентацияда, анын жоболорунун Конституцияда жана тармактык укуктук булактарда болушун тастыктайт.

Автор адвокаттардын профилактикалык аракеттерине кирген кылмыштардын тизмесине жана КР КЖКсында каралган жоопкерчиликке карата өз көз карашын билдирди.

**Төртүнчү бап «Кыргыз Республикасынын жазык-процесстик мыйзамдарына жүргүзүлгөн реформалоо шартында адвокатура институтун жана адвокаттык ишмердикти өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын модернизациясы жана перспективалары»** деп аталып, өз ичине төрт бөлүмдү камтыйт.

<u>Төртүнчү баптын биринчи бөлүмү</u> *«Кыргыз Республикасынын жазык сот өндүрүшүндө адвокат-жактоочунун процессуалдык статусу»*.

<u>Төртүнчү баптын экинчи бөлүмү</u> *«Кыргыз Республикасында адвокаттын медиатор катарында катышуучу үчүн укуктук негиздер жана өбөлгөлөр»*.

<u>Төртүнчү баптын үчүнчү бөлүмү</u> *«Адвокаттын медиативдик ишмердиги – адвокаттык ишмердиктин жаңы түрү катары»*.

<u>Төртүнчү баптын төртүнчү бөлүмү</u> *«Кылмыш иштери боюнча жарышуу сот өндүрүшүндө жактоочу адвокаттын ишмердүүлүгүн криминалистикалык камсыз кылуу»*.

Автор иште адвокаттын укугунун каралып жаткан чөйрөдөгү жаңыртылган мыйзам чыгаруулардын шартында өз кесиптик милдеттерин ишке ашыруу үчүн талап кылынуучу концептуалдуу элементтерин негиздеп берди.

Автор жазык сот өндүрүшүндө жактоочу катары иш алып барып жаткан адвокаттын ролу жана орду Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана жазык-процесстик мыйзам чыгаруулардын жактоону ишке ашырууга ыйгарым укуктарын белгиленген жоболору менен гана эмес, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы жана Адвокаттын кесиптик этикасы кодекси менен да аныкталат деп эсептейт. Изденүүчү аталган субъектинин КЮЖ көрсөтүү кошумча милдети адвокаттын ишмердигин жөнгө салуучу жогоруда белгиленген Мыйзамдарда бекитилгендигине негизделет.

Андыктан диссертант адвокаттын КЮЖ көрсөтүү менен байланышкан процесстик абалын каралып жаткан көйгөй менен байланышкан актуалдуу маселелер көтөрүлгөн комплекстүү позициядан кароону аргументтүү деп эсептейт.

Адвокаттар тарабынан элдештирүү каражаттарын, жол-жоболорун жана механизмдерин изилдөөгө жана практикалык жактан өздөштүрүүгө карата чара көрбөстүк - адвокаттык коомчулук ишеним көрсөтүүчүлөр үчүн мамлекеттик соттук система менен тыгыз байланыштагы консервативдик институт катары гана каралып калганга алып бара тургандыгын автор негиздейт. Мында юридикалык талаштарды жөнгө салуу чөйрөсүндө жардам көрсөтүү башка адамдардын жана уюмдардын ишмердик предмети болуп калат. Натыйжада Кыргызстандын адвокатурасы соттон тышкаркы жол-жоболордун рыногуна чыгуу жана ишеним көрсөтүүчүлөрдүн ишенимин актоо менен анда татыктуу орунду ээлөө үчүн зор аракеттерди кылууга жана түзүлүп келе жаткан катышты

өзгөртүү үчүн олуттуу кыйынчылыктарды башынан өткөрүүгө мажбур болот.

Адвокаттын медиаторлук ишмердикти жүргүзүү маселесин изилдөө авторго адвокат медиатор катары юридикалык талашты жөнгө салууга көмөк көрсөтүү менен кайсы ченемдер жана эрежелерди жетекчиликке алышы керектигин аныктоого мүмкүндүк түздү. Юридикалык талашты жөнгө салууда адвокаттын медиатордун ролун аткаруусун адвокаттык ишмердиктин жаңы түрү катары кароо керек, анткени адвокат-медиатор Кыргыз Республикасынын медиаторлорунун республикалык коомчулугунда түзүлүүчү регламент жана жоболорго көз каранды болбостон өз алдынча иш жүргүзүшү керек. Адвокаттын медиатор катары иш жүргүзүүсүнө Кыргыз Республикасынын адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамынын жана Адвокаттардын кесиптик этикасы кодексинин жоболору жалпы тартипте жайылтылат деп эсептейт изденүүчү.

Адвокаттын медиацияга медиатор катары катышуусуна өзүнчө көңүл бурулган, адвокаттын бул ролду аткаруусу анын консультант же ишеним көрсөтүүчүнүн өкүлү катары салттуу ролунан принципиалдуу түрдө айырмаланып турат жана адвокаттан атайын даярдыкты талап кылат. Автор учурда Кыргыз Республикасында медиаторлорду даярдоо программаларына карата мамлекеттик талаптар жана билим берүү стандарттары бекитилбей келе жаткандыгына жана ага ылайык тиешелүү борборлорго (билим берүүчүлүк жана илимий уюмдарга) мамлекеттик аккредитация жүргүзүлбөй келгендигине көңүл бурат. Мындай шарттарда адвокаттын медиатор катары кошумча (атайын) билиминин мазмундуулугу жана сапатынын белгилүү бир кепилдиги болуп элдештирүү жол-жоболорунун тиешелүү борборунан медиаторлорду даярдоо программалары боюнча билим берүү ишмердигин жүргүзүүгө мыйзамда белгиленген тартипте лицензиясы алуусу эсептелет.

Кыргыз Республикасында адвокатура юристтердин башка кесиптик коомчулугу катары медиацияны жүргүзүүгө жана анын укуктук системага интеграцияланышын ийгиликтүү жылдырууга мүмкүнчүлүк бере албай тургандыгы далилденет.

Жактоочуга КЖПКда берилген ыйгарым укук адвокат-жактоочунун мүмкүнчүлүгүн чектебейт, бул нерсе негиздүү деп эсептелгендиктен акыркы учурларда окумуштуулар тарабынан адвокаттык криминалистиканын концепциясын иштеп чыгуу сунуш көп айтылууда. Автордун көз карашы боюнча мындай идея туура болуп эсептелет, анткени илимий методдордун негизинде жактоочунун иш өзгөчөлүгүн эске алуу менен ал тактикалык ыкмалардын комплексин иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт. Буга автор карап чыккан Кыргыз Республикасындагы жазык сот өндүрүшүнүн атаандаштык шартында адвокат-жактоочунун ишин криминалистикалык жактан камсыз кылуу менен байланышкан маселелер да күбө боло алат.

**КОРУТУНДУ:**

Автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде төмөнкү натыйжалар чыгарылды:

1. Юридикалык жардам көрсөтүү – бул адвокаттык ишмердиктин негизин түзүүчүлөрдүн бири жана ал төмөнкү белгилердин жыйындысын билдирет: *а)* макулдашуу түзгөн ишеним көрсөтүүчүгө юридикалык жардам көрсөтүүчү юристтин ишмердигинин көз карандысыз жана айкын мүнөзү; *б)* процесстин катышуучусу (мисалы: шектелүүчү, айыпталуучу, жабырлануучу, күбө, жоопкер, доогер ж.б.у.с.) катары чыгып жаткан ишеним көрсөтүүчүнүн зарыл маалыматты, ошондой эле иш боюнча буюмдай жана башка далилдерди жыйноо боюнча жакталуучу менен кызматташтыгы; *в)* кардар менен юридикалык жардам көрсөтүп жаткан адамдын ортосундагы ишеним принциби болуп эсептелген кесиптик сырды сактоо; *г)* макулдук түзүлгөн юристтин кесиптик активдүү ишмердиги, бирок мында юридикалык жардам көрсөтүүнүн атайын мыйзамдар менен жөнгө салынуучу өзгөчө каражаттары жана ыкмалары гана колдонулат; *д)* юристтин кесиптик ишмердиги ишеним көрсөтүүчүнүн укуктарын жана эркиндиктерин нормалдуу ишке ашырууга тоскоолдук кылуучу терс факторлорду нейтралдаштыруу, келип чыккан укуктук конфликтик же конфликтке алып келүүчү кырдаалды изилдөө боюнча чараларды кабыл алуу менен коштолот.

2. Адвокаттын укуктук маккамынын калыптанышы түздөн-түз мамлекеттин укуктук системасын түзүү процесси менен байланышкан. Кыргыз Республикасы көз карандысыздыкты алган убакыттан бери укуктун социалисттик системасынан демократиялык мамлекеттердин укуктук стандарттарына өтүү боюнча тиешелүү мыйзамдык базаны түзүүнү талап кылган олуттуу кайра уюштуруулар жүргүзүлгөн. Бул мезгил аралыгында тармактардын калыптанып калган түзүмдөрүнүн чегинде республиканын мыйзамы олутуу жаңыртылды. Бул процесстин мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп, *биринчиден*, мурда таптакыр жөнгө салынбаган маселелер боюнча мыйзам чыгаруу актылары кабыл алынгандыгы эсептелет; *экинчиден*, мурда мыйзам алдындагы акт менен жөнгө салынып келген маселелер боюнча мыйзамдар чыгарылган; *үчүнчүдөн*, мыйзамдар укуктук жаңы принциптерди киргизишкен, алардын мазмунунда бийлик, менчик, эмгек, ишкердик маселелери боюнча укуктук жаңы чечимдер камтылган. Учурда адвокатура укуктун концептуалдык жакшыртуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү сактай турган институттарынын бири болуп саналат. Адвокатура институту өлкөнүн укуктук системасын коргоонун гаранты, мыйзамдуулук принцибин бузуу аракеттерине олуттуу түрдө тоскоолдук кылуучу, ошондой эле мүмкүн болгон укук бузуулардын алдын алуучу профилактикалык инструмент болуп эсептелет. Учурда мамлекеттин алдында кыргыз коомчулугунун калыптанып келе жаткан алгачкы жылдарында эле чечип коюу керек болгон көйгөйдөн айырмаланган көйгөйлөр бар. Ошол жылдары Кыргыз Республикасы үчүн өлкөнүн укуктук вакуумун толтуруу зарылдыгы күч алган болсо, учурда мыйзам чыгаруу актыларынын зарыл көлөмү кабыл алынган жана жыйналган укуктук базаны бекемдеп, адам

укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча мамлекет менен коом алдында турган маселелерге жараша кайра иштеп чыгуу маанилүү болуп эсептелет.

3. Чет өлкөлүк тажрыйбаны изилдөө төмөнкү себептер менен олуттуу мааниге ээ: 1) эл аралык принциптер менен стандарттарды изилдөө жана анализдөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына эле эмес, адвокаттык практикалык ишмердикке да сын көз менен кароого, эл аралык жана чет өлкөлүк тажрыйбаны, жалпыга таанылган стандарттарды эске алуу менен аларды реформалоо боюнча чараларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет да, кыргыз юридикалык коомчулугуна прогрессивдүү өзгөрүүлөрдүн авангардына жана алдыңкы мамлекеттердин юристтеринин укук колдонуу практикасына жетүүнү камсыздайт; 2) аларды Кыргыз Республикасында буга чейин каралбаган процесстик жаңы институттардын өзөгүнө киргизип жаткандыгына байланыштуу, мыйзам чыгаруунун бир канча жоболорун ишке ашырууда оң тажрыйбаны тандоого мүмкүндүк берет; 3) адвокаттын укуктун демилгелүү мүнөздөгү ченемдерин (далилдерди жыйноо, тергөө амалдарына катышуу, адвокаттык досьени түзүү ж.б.) колдонуу практикасы жоктугуна, ошондой эле адвокатка айыптоочу тарапка альтернатива боло турган далилдерди алууга мүмкүндүк түзүүчү механизмдердин (укуктук жана уюштуруучулук) жоктугуна байланышкан көйгөйлөрдү жоюу; 4) далилдердин чөйрөсүн кеңейтүүгө жана айыптоочу тарап жактан да, коргоо тарабы жактан да аларды жазык ишине жолдоого мүмкүндүк берет, мындан тышкары кардардын бейкүнөөлүүлүгүн далилдөөнүн жаңы ыкмаларын издөө мүмкүнчүлүгү пайда болот, айтылгандарга чет өлкөнүн оң тажрыйбасынын негизинде мыйзам ченемдерин иштеп чыгуу жолу менен жетүүгө болот; 5) адвокат-актоочунун укуктук абалын жана Кыргыз Республикасынын адвокатура институтун уюштуруу принциптерин өзгөртүүгө таасир тийгизе алат.

4. Автордун ою боюнча мамлекет адвокатуранын табиятын эске алуу менен анын ишине катаал контроль жүргүзбөш керек. Мамлекет адвокатуранын ишмердигин багытка салып, жемиштүү иш алып баруусуна жакшы шарттарды, ошондой эле укуктук шарттарды түзүп бериши керек. Мамлекеттин контролдук функциялары жөнүндө мыйзам ченемдери так жазылып, кеңири эркин талкууга жол бербегендей болуусу маанилүү. Башкача айтканда, аталган ыйгарым укуктарды ишке ашыруу менен юстиция органдары, аны менен катар мамлекеттик бийликтин бардык органдары адвокатуранын көз карандысыздыгын жана өзүн-өзү башкаруучулук системасын бузбашы керек.

5. Кыргыз Республикасынын адвокатурасынын ишмердик принциптер системасын үч топко ажыратуу керектиги аргументтелет: 1-топ - Кыргыз Республикасынын адвокатурасынын ишмердигин уюштуруу принциптери, 2-топ – юридикалык жардам көрсөтүү принциптери, 3-топ – бул мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардамдын принциптери. Сунуш кылынган принциптер тобу иште көрсөтүлгөн адвокаттык ишмердиктин кайсы бир чөйрөсүн жөнгө салуучу мыйзам ченемдеринин бөлүмдөрүнө тиешелүү болушу керек. Аталган принциптер *биринчиден*, юридикалык жана жеке жактардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоону КЮЖ

көрсөтүү жана коргоо жолу аркылуу, Кыргыз Республикасындагы мыйзамдарына жүргүзүлгөн соттук-укуктук реформаны эске алуу менен камсыз кылууга багытталган; *экинчиден*, адвокатура институтуна тиешелүү кайрадан кабыл алынган мыйзамдардын бир канча жоболорун ишке ашыруудагы коллизияларды жоюу; *үчүнчүдөн*, Кыргыз Республикасынын тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу жана буга байланыштуу киргизилген адвокаттык териштирүү менен байланышкан жазык-процесстик жаңы концепцияларын жүзөгө ашыруу үчүн өз чечилишин талап кылган көйгөйлүү маселелерден келип чыгат. Жетекчилик конституциялык принциптер тармактык принциптердин көрүнүш формаларынын бири болуп эсептелгендиктен, алар КЮЖ сыяктуу маанилүү институтка кайрылбай кете алыпайт.

6. Конституциялык сот адилеттүүлүгү чөйрөсүндөгү квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү институтун ишке ашыруу - өтө олуттуу өзгөчөлүк катары мүнөздөлөт деп эсептейбиз. Тарапка конституциялык сот өндүрүшүндө юридикалык жардам көрсөтүү үчүн тартылган өкүлгө карата жогорку квалификациялык талаптар сот өндүрүшүнүн бул формасынын өзгөчө мүнөзү, ал Кыргыз Республикасынын Конституциялык соттун тарабынан кабыл алынуучу чечимдин жеке-укуктук гана эмес, ченемдик да мааниси менен түшүндүрүлөт. Андыктан, конкреттүү ишеним көрсөтүүчүнүн укугун коргоо менен тараптын өкүлү конституциялык процесстин өзгөчөлүктөрүн эске алууга, иштин фактылык жагдайларын эмес, текшерилип жаткан жагдайдын ченемдерин мыйзам колдонуу менен Конституцияга туура келерлигин, арызданууучунун конституциялык укуктарынын жана эркиндигинин бузулгандыгын (бузулбагандыгын) анализдөөгө милдеттүү. Буга байланыштуу конституциялык сот өндүрүшүндө тараптын өкүлүнүн, тактап айтканда адвокаттын ыйгарым укуктарын ишке ашырууда анын процесстик өзгөчөлүктөрүнүн деталдуу регламентациясы зарыл.

7. Автор соттук айрым каталар социалдык-криминологиялык маанини камтыйт деп эсептейт жана коргоочуга жаза аныктоо учурунда кетирилген типтүү каталар катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: *биринчиден,* жазык саясатынын негизги багыттарын аныктоодогу каталар, кылмыштуулукка каршы аракет жүргүзүү милдеттерине жооп бербеген, жазык репрессиясынын катаал жүргүзүлүшүнө же КР КЖКсынын чегинде жосундардын айрым түрлөрүнө карата сунуштар берилген учурда. Жогору турган соттордун жазык саясатынын милдеттерин аныктоодо жаңылыш чыгарылган көрсөтмөлөрүн ишке ашыруу менен төмөн жактагы соттор формалдуу-укуктук, социалдык-криминалдык мүнөздөгү эмес каталарды кетиришет. Буга байланыштуу жарандык коомдун бардык институттарынын, ошондой эле адвокатуранын ишин, коомдун учурдагы мүнөзүн жана өнүгүү тенденциясын, аң сезиминин деңгээлин эске алуу менен жазык саясатынын максат жана милдеттерин түзүүгө катышуусун активдештирүү зарылдыгы келип чыгат. *Экинчиден*, сот тарабынан жоопкерчиликти жумшартуучу же оорлотуучу жагдайларды аныктоого (корголуучу адамдын мүнөзүнө, кылмышка түрткү болгон себептерди жана жагдайларды табууга)

негизделген кылмыш жана күнөөлүү адамдын коомго коркунуч жаратуу даражасын мүнөздөгөн фактыларын туура эмес аныктоосу же толук аныктабашы, мындай учурда жазалоонун жекелик принциби бузулат. *Үчүнчүдөн*, корголуучуга жаза аныктоо учурунда кылмыштарды жазык-укуктук жактан квалификациялоодо сот тарабынан кетирилген каталардан келип чыккан каталар. Техникалык операция сыяктуу эсептелген кылмыштарды квалификациялоо чындыгында терең социалдык-саясий мааниге ээ. Кылмыштарды туура квалификациялоо – бул жасалган кылмышка так туура келген мыйзамды колдонуу дегенди билдирет да, корголуучунун аракеттерине туура баа берет жана коомдун кызыкчылыктарын чагылдырып, адамдын укугун жана эркиндигин коргоого алат. Кылмышты туура квалификациялоо - сот адилеттүүлүгүн мыйзамга ылайык жүргүзүү кепилдиктеринин бири болуп саналат, коомго коркунуч келтирбеген жана укукка каршы аракеттерди жасабаган адамды негизи жок соттого жол бербейт жана анык күнөөлүү адамды жазалоо үчүн укуктук өбөлгөлөрдү түзөт. Квалификациялоодогу катанын эң олуттуу укуктук кесепети болуп аткарылган кылмышка туура келбеген жазыкты колдонуу эсептелет, бул болсо кылмыштарга тиешелүү категорияларга каршы аракеттин натыйжалуулугун төмөндөтүүгө алып барат.

8. КЮЖдын Кыргызстандын жазык процессиндеги мааниси төмөнкүлөр менен аныкталат: *биринчиден*: колдонуудагы КР КЖПКсынын ченемдеринин талаптарына ылайык, сотко чейинки өндүрүш этабында жыйналган фактылык материалдардын негизинде сотко сунуштоо үчүн далилдик базаны алууга мүмкүндүк берет; *экинчиден*, ишеним көрсөтүүчүнү кызыкчылыгы үчүн иш боюнча жана анын процесстик аспектилерине тиешелүү айрым маселелер боюнча негизделген позицияны аныктоого жана түзүүгө мүмкүндүк берет; *үчүнчүдөн*, айыптоо тарабы жыйнаган материалдардын мааниси менен тааныштырууга жана түшүндүрүүгө жардам көрсөтөт, зарыл учурда жогорку инстанцияларга иш боюнча кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттерине жана соттун негизсиз чечимине карата даттануу жана өтүнүчтөрдү берет; *төртүнчүдөн*, ишеним көрсөтүүчүнүн укугун жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн, сот адилеттүүлүгүн жөнөтүүнүн деңгээлин жогорулатуу жана сот чечиминин адилет чыгаралышы үчүн негиз болуп эсептелген тиешелүү укуктук шарттар түзүлөт.

9. Айыпталуучунун (шектелүүчүнүн) укуктарын коргоонун тактикалык программасы корголуучуларга мүнөздүү стереотиптик белгилерине карата эмес, анын өздүгүнүн тибине жараша курулушу керектигин автор негиздүү деп эсептейт, бул болсо адвокат-жактоочуга төмөндөгүлөрдү прогноздоого жана аныктоого мүмкүндүк түзөт: коргоолуучу менен аракеттешүүнүн чегин жана жагымдуу шарттарды; тигил же бул тергөө кырдаалында корголуучунун жүрүм-турумунун тенденциясын жана аракеттердин болжолдуу оң же терс кепеттери жөнүндө божомолдорду чыгарууга жана алардын иштин чечилишине таасирин аныктоого. Колдонуудагы мыйзамдардын базасында, учурда Кыргыз Республикасында адвокатуранын өнүгүшү сапаттык жактан башка деңгээлге өтүп жатканын эске алуу керек, мында адвокатура институту адвокаттык укук

чегинин кеңейүү фонунда, КЮЖ көрсөтүү жолу аркылуу жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуучу өз алдынча жана жөндөмдүү орган катары калыптанып келе жатат, андыктан адвокатураны реформалоо улантылышы керек деп айтууга болот.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Абдикерим кызы Г. К вопросу о независимости адвокатуры и о его принадлежности к правоохранительным органам [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Вестник Академии МВД КР. – 2017. - №5. - С.3-8.

2. Абдикерим кызы Г. Место и роль адвоката в системе гарантированной государством юридической помощи в Кыргызской Республике [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Вестник Академии МВД КР. – 2017. - №5. - С.76-79.

3. Абдикерим кызы Г. Батыш Европанын юридикалык тутумундагы адвокатуранын кесиптин орду жана ролу [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2019. - №12. - С.215-218.

4. Абдикерим кызы Г. Роман-германиялык укуктук тутумундагы адвокатура (Россия Федерациясынын жана Германия Федеративдик Республикасынын мисалында) [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2019. - №12. - С.189-194.

5. Абдикерим кызы Г. Чет мамлекеттерде медиация тажрыйбасын жайылтууда адвокаттардын ролу [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2020. - №2. - С.204-207

6. Абдикерим кызы Г. Кыргыз Республикасында адвокатуранын уюштуруучулук-укуктук ишмердүүлүгүнүн айрым аспектилери [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Известия вузов Кыргызстана. - 2020 - №1. С.104-108.

7. Абдикерим кызы Г. Кыргыз Республикасында адвокаттын ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуу жөнгө салуу маселесине [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Известия Иссык-кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Международный теоретический и научно-практический журнал. – 2020. - №2(29). - С.210-216.

8. Абдикерим кызы Г. Кыргыз Республикасынын адвокатурасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын теоретикалык аспектилери [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Известия Иссык-кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. Международный теоретический и научно-практический журнал. – 2020. - №2(29). - С.204-209.

9. Абдикерим кызы Г. Кыргыз Республикасында адвокатуранын жана адвокаттыктын ишмердүүлүгүнүн көз карандысыздыгынын кепилдиктери жөнүндө[Текст] / Г. Абдикерим кызы // Известия вузов Кыргызстана. - 2020 - №1. С.115-118.

10. Абдикерим кызы Г. Discussion aspects related to the problems of introducing the institution of legal investigations into the criminal procedure legislation of the Kyrgyz republic and the republic of Kazakhstan [Текст] /Gulbarchyn Abdykerimkyzy, K.A. Isaeva, I.N. Vorontsova, A.B. Mamytova. // Journal of Legal, Ethical and Regulatory Issues Volume 24, Issue 6, 2021. P 1-9.

11. Абдикерим кызы Г. Адвокатура жана адвокаттык ишмердүүлүк

маселеси боюнча: теоретикалык аспект [Текст] / Г. Абдикерим кызы, А. Эрматова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. - №4. - С.263-267.

12. Абдикерим кызы Г. Адвокат-жактоочунун укуктук абалы жана аны өркүндөтүү маселелери [Текст] / Г. Абдикерим кызы //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. - №4. - С.259-262.

13. Абдикерим кызы Г. Вопросы независимости института адвокатуры в Кыргызской Республике [Текст] / Г. Абдикерим кызы, А.М. Джоробекова // Евразийское научное объединение. - 2021. - №7(77). - С.118-121.

14. Абдикерим кызы Г. Об обеспечении гарантии независимости адвокатуры и адвокатской деятельности в Кыргызской Республике [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Евразийское научное объединение. - 2021. - №7(77). - С.112-114.

15. Абдикерим кызы Г. Об основных направлениях развития адвокатуры Кыргызской Республики [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Вестник Академии. – 2020. – N4. - С.123-130.

16. Абдикерим кызы Г. Публично-правовые начала адвокатской деятельности [Текст] / Г. Абдикерим кызы // Вестник Академии МВД КР. – 2020. - N4. - С.3-9.

**Абдикерим кызы Гүлбарчындын 12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасындагы адвокатура институту: уюштуруучулук укуктук көйгөйлөр» деген темада жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** адвокат, жактоочу, адвокаттык ишмердик, адвокатура, жазык-процесстик мыйзам ченемдер, квалификациялуу юридикалык жардам, медиация, адвокаттык криминалистика, адвокаттык териштирүү.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп адвокаттык ишмердикти өнүктүрүүнү уюштуруучулук жана укуктук жактан камсыз кылуу чөйрөсүндө келип чыккан коомдук мамилелердин жыйындысы, ошондой эле адвокатуранын адамдардын укугун жана эркиндигин коргоону камсыз кылуу менен байланышкан конституциялык-укуктук кызматты жана Кыргыз Республикасынын жаңыланган мыйзам ченемдеринин алкагында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнү ишке ашыруучу атайын институт катары иш алып баруусу эсептелет.

**Изилдөө предмети** төмөндөгүлөр болду: а) адамдын сот өндүрүшү жаатындагы укуктарын жөнгө салуучу конституциялык ченемдердин жыйындысы; б) адвокатуранын ишмердигин жөнгө салуучу Кыргызстандын мыйзам ченемдери, ошондой эле адвокатураны корпоративдик жана мамлекеттик башкаруу органдарынын ченемдик актылары; в) адвокат-жактоочунун жазык сот өндүрүш чөйрөсүндөгү ишмердигин жөнгө салуучу жазык-процесстик ченемдердин жыйындысы; г) квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн мазмундук маселелери жана юридикалык талаштарды альтернативдүү чечүү боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын илимий жетишкендиктери жана теориялык изилдөөлөрү; д) каралып жаткан чөйрөдөгү маселелерди жөнгө салуучу чет өлкөлүк мыйзам ченемдер.

**Изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республикасындагы адвокаттык ишмердикти жана адвокатураны уюштурууну, бул чөйрөдө жаңыртылган мыйзам ченемдердин шартында квалификациялуу юридикалык жардам алууга болгон конституциялык укукту ишке ашырууну комплекстүү анализге алуу, адвокаттык ишмердикке тоскоолдук жаратуучу актуалдуу көйгөйлөрдүн маңызын ачып берүү жана аларды чечүүнүн жолдорун издөө, ошондой эле Кыргыз Республикасында адвокатураны андан ары өнүктүрүүнүн жаңы перспективасын аныктоо эсептелет.

**Изилдөөнүн методдору жана аппараты**. Изилдөөнүн методологиялык негизин илимий таануунун диалектикалык методу, системалык жана функционалдык анализ методу, индукция, дедукция, анализ, синтез, абстракциялоо, конкреттештирүү, жалпылоо, аналогия, формалдаштыруунун логикалык методдору жана башка жалпы илимий методдор түзөт. Изилдөө жүргүзүүнүн алкагында формалдуу-юридикалык, салыштырма-укуктук,

социологиялык, статистикалык, прогноздоо жана башка жеке илимий методдор колдонулду.

Ишти даярдоо учурунда адвокатология, жалпы (социалдык) жана юридикалык конфликтология илимдеринин, укуктун социологиясы, укуктун жалпы теориясы, криминалистиканын, жазык укугунун жетишкендиктери пайдаланылды. Изилдөөнүн теориялык негизинин маанилүү бөлүгүн чет өлкөлүк жана ата мекендик авторлордун каралып жаткан чөйрөдөгү көйгөйлүү маселелерге арналган эмгектери түздү.

**Алынган натыйжалар жана алардын жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөө адвокатура институтун реформалоонун негизги багыттарын жана адвокаттык ишмердикти Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн соттук-укуктук реформалоонун алкагында жаңы мыйзам ченемдерин ишке ашыруунун натыйжасы катары комплекстүү изилдөө жагынан жаңы изилдөө болуп эсептелет. Изилдөөнүн жаңылыгы Кыргыз Республикасындагы адвокатуранын өнүгүш көйгөйлөрүнө автор тарабынан жүргүзүлгөн анализ адвокатура институтунун иштөөсүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга, адвокаттык ишмердиктин профессионалдык мүмкүнчүлүктөрүн түзүү жана ишке ашырууга багытталган алгылыктуу чаралардын системасын максаттуу аныктоого, ошондой эле өз ара байланыштагы жаңы институттардын пайда болушуна байланыштуу да адвокатуранын укук мейкиндигиндеги статусун жогорулатууга байланышкан максаттуу комплекстүү багыттарын иштеп чыгууга мүмкүндүк бергендиги менен шартталат.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүгө карата конституциялык укукту ишке ашырууда адвокатуранын ролун ачып берүүчү жеке-илимий теория, анын уюштуруучулук жана процесстик механизмдери, бул ишмердиктин мыйзам ченемдүүлүктөрү жана олуттуу байланыштары, адвокаттык ишмердиктин маанилүү бул багытынын натыйжалуулугун аныктай турган шарттар, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө», «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамдарын жакшыртууга багытталган концептуалдуу жоболор жана сунуштар диссертациянын автору тарабынан иштелип чыкты. Кыргыз Республикасында медиативдик жол-жоболорду жүргүзүү тартибинин теориялык-укуктук модели сунушталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар**. Изилдөө учурунда автор тарабынан алынган тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттин укук коргоо системасын жакшыртууга багытталган жаңы концепциясын иштеп чыгууда; талаштарды жөнгө салуу учурунда медиативдик практиканы киргизүүдө; бул чөйрөдөгү мыйзам чыгаруу актыларынын бир канчасына автор тарабынан сунуш кылынган өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу адвокаттык ишмердикти уюштурууну жана ишке ашырууну ченемдик-укуктук жөнгө салууну жакшыртууда; адвокаттарды, үйрөнчүк окуучуларды жана жардамчылардын квалификациясын жогорулатуу системасында «Адвокатура», «Кылмыш-жаза процесси», «Криминалистика» сыяктуу юридикалык дисциплиналарды окутуу процессинде, адвокаттар тарабынан жалпы кесиптик ыйгарым укуктарын

колдонуу практикасын жакшыртуу менен байланышкан маселелерди кароодо, илимий-изилдөө ишмердигинде адвокатура менен байланышкан укуктук бир нече институттарды анализге алууда колдонууга болот.

**Колдонуу жааты**: мыйзам чыгаруу, укук колдонуу, адвокаттык ишмердик, медиативдик ишмердик, жазык процесси, криминалистика.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Абдикерим кызы Гулбарчын на тему: «Институт адвокатуры Кыргызской Республики: организационно-правовые проблемы» на соискание ученой степени доктора юридических наук по специальности 12.00.11 – судебная власть, прокурорский надзор, организация правоохранительной деятельности**

**Ключевые слова:** адвокат, защитник, адвокатская деятельность, адвокатура, уголовно-процессуальное законодательство, квалифицированная юридическая помощь, медиация, адвокатская криминалистика, адвокатское расследование

**Объектом исследования** являются совокупность общественных отношений, складывающихся в сфере организационного и правового обеспечения развития адвокатской деятельности и функционирования адвокатуры как специализированного института реализующего конституционно-правовую функцию, связанную с обеспечением защиты прав и свобод личности, и оказания квалифицированной юридической помощи в условиях обновленного законодательства Кыргызской Республике.

**Предметом исследования** явились: а) совокупность конституционных норм, регламентирующих права личности в области судопроизводства; б) нормы законодательства Кыргызстана, регулирующие деятельность адвокатуры, а также нормативные акты органов корпоративного и государственного управления адвокатурой; в) совокупность уголовно-процессуальных норм, регламентирующих деятельность адвоката-защитника в сфере уголовного судопроизводства; г) научные достижения и теоретические изыскания отечественных и зарубежных ученых по вопросам содержания квалифицированной юридической помощи и альтернативного разрешения юридических споров; д) зарубежное законодательство, регламентирующее вопросы в рассматриваемой сфере.

**Целью исследования** является комплексный анализ адвокатской деятельности и организации адвокатуры в Кыргызской Республике в реализации конституционного права на квалифицированную юридическую помощь, в условиях обновленного законодательства в данной сфере, раскрытие сущности актуальных проблем препятствующих адвокатской деятельности и поиск путей по их разрешению, а также определение новых перспектив дальнейшего развития адвокатуры Кыргызской Республики.

**Методы исследования и аппаратуру.** Методологическую основу исследования составляют диалектический метод научного познания, методы системного и функционального анализа, логические методы индукции, дедукции, анализа, синтеза, абстрагирования, конкретизации, обобщения, аналогии, формализации и другие общенаучные методы. В рамках проведения исследования также использовались формально-юридический, сравнительно-правовой, социологический, статистический, прогностический и другие частно-научные методы.

При подготовке работы применялись достижения наук адвокатологии, общей (социальной) и юридической конфликтологии, социологии права, общей теории права, криминалистики, уголовного процесса. Значительную часть теоретической основы исследования составили работы как зарубежных, так и отечественных авторов, посвященные проблемным вопросам в рассматриваемой нами сфере.

**Полученные результаты и их новизна.** Диссертационное исследование является новаторской в части комплексного исследования основных направлений реформирования института адвокатуры и адвокатской деятельности как результата реализации нового законодательства, в русле проведенной судебно-правовой реформы в Кыргызской Республике. Новизна исследования обусловлена тем, что проведенный автором анализ проблем развития адвокатуры Кыргызской Республики позволяет более целенаправленно определить систему приоритетных мер, направленных на повышение эффективности функционирования института адвокатуры, формирования и реализации профессиональных возможностей адвокатской деятельности, а также выработки целевых комплексных направлений, связанных с повышением статуса адвокатуры в правовой плоскости, в том числе и в связи с появлением новых взаимосвязанных институтов.

Автором диссертации разработана новая частно-научная теория, раскрывающая роль адвокатуры в реализации конституционного права на квалифицированную юридическую помощь, закономерности и существенные связи этой деятельности, ее организационные и процессуальные механизмы и условия, определяющие эффективность этого важнейшего направления адвокатской деятельности, а также разработаны соответствующие концептуальные положения и предложения, направленные на совершенствование законов «Об Адвокатуре Кыргызской Республики и адвокатской деятельности», «О гарантированной государством юридической помощи». Представлена теоретико-правовая модель порядка проведения медиативной процедуры в Кыргызской Республике.

**Рекомендации по использованию**. Полученные автором в ходе исследования выводы и рекомендации могут быть использованы: при разработке новой концепции Кыргызской Республики, направленной на совершенствование правозащитной системы государства; при введении медиативной практики при урегулировании споров; при совершенствовании нормативно-правового регулирования организации и осуществления

адвокатской деятельности путем внесения предложенных автором изменений в целый ряд законодательных актов в данной сфере; в процессе преподавания таких юридических дисциплин, как «Адвокатура», «Уголовный процесс», «Криминалистика» в системе повышения квалификации помощников, стажеров и адвокатов, при рассмотрении вопросов, связанных с совершенствованием практики применения адвокатами общепрофессиональных полномочий, включая и в научно-исследовательской деятельности при анализе ряда правовых институтов, связанных с адвокатурой.

**Область применения**: законотворчество, правоприменение, адвокатская деятельность, медиативная деятельность, уголовный процесс, криминалистика.


## SUMMARY

**dissertation Abdikerim kyzy Gulbarchyn on the topic: "Institute of Advocacy of the Kyrgyz Republic: organizational and legal problems" for the degree of Doctor of Law in the specialty 12.00.11 - judiciary, prosecutorial supervision, organization of law enforcement**

**Keywords:** lawyer, defender, advocacy, bar, criminal procedure legislation, qualified legal assistance, mediation, advocacy forensics, advocacy investigation

**The object of the study is** the totality of social relations that are developing in the field of organizational and legal support for the development of advocacy and the functioning of the advocacy as a specialized institution that implements the constitutional and legal function associated with ensuring the protection of the rights and freedoms of the individual, and the provision of qualified legal assistance in the conditions of the updated legislation of the Kyrgyz Republic.

**The subject of the study** were: a) a set of constitutional norms regulating the rights of the individual in the field of legal proceedings; b) the norms of the legislation of Kyrgyz Republic regulating the activities of the advocacy, as well as the regulations of the bodies of corporate and state management of the advocacy; c) a set of criminal procedural norms regulating the activities of a defense lawyer in the field of criminal proceedings; d) scientific achievements and theoretical research of domestic and foreign scientists on the content of qualified legal assistance and alternative resolution of legal disputes; e) foreign legislation regulating issues in the area under consideration.

**The purpose of the study is** a comprehensive analysis of advocacy and the organization of the advocacy in the Kyrgyz Republic in the implementation of the constitutional right to qualified legal assistance, in the context of updated legislation in this area, to reveal the essence of current problems that hinder advocacy and search for a way to resolve them, as well as to identify new prospects for further development of the advocacy of the Kyrgyz Republic.

**Research methods and equipment.** The methodological basis of the research is the dialectical method of scientific knowledge, methods of systemic and functional analysis, logical methods of induction, deduction, analysis, synthesis, abstraction,

concretization, generalization, analogy, formalization and other general scientific methods. As part of the study, formal legal, comparative legal, sociological, statistical, prognostic and other private scientific methods were also used.

In preparing the work, the achievements of the sciences of advocacy, general (social) and legal conflictology, sociology of law, general theory of law, criminology, and criminal procedure were used. A significant part of the theoretical basis of the study was the work of both foreign and domestic authors devoted to problematic issues in the area we are considering.

**The results obtained and their novelty.** The dissertation research is innovative in terms of a comprehensive study of the main directions of reforming the institution of advocacy and advocacy as a result of the implementation of new legislation, in line with the ongoing judicial and legal reform in the Kyrgyz Republic. The novelty of the study is due to the fact that the author's analysis of the problems of the development of the advocacy in the Kyrgyz Republic makes it possible to more purposefully determine the system of priority measures aimed at improving the efficiency of the functioning of the institution of the advocacy, the formation and implementation of professional opportunities for the advocacy, as well as the development of targeted complex directed ones related to raising the status of the advocacy in the legal base, including in connection with the emergence of new interconnected institutions.

The author of the dissertation developed a new private-scientific theory that reveals the role of the legal profession in the implementation of the constitutional right to qualified legal assistance, the patterns and essential connections of this activity, its organizational and procedural mechanisms and conditions that determine the effectiveness of this most important area of advocacy, and also developed the corresponding conceptual provisions and proposals aimed at improving the Laws "On the Advocacy of the Kyrgyz Republic and Lawyer Activities", the Law "On State Guaranteed Legal Aid". A theoretical and legal model of the procedure for conducting a mediation procedure in the Kyrgyz Republic is presented.

**Recommendations for use.** The conclusions and recommendations obtained by the author during the study can be used: in the development of a new concept of the Kyrgyz Republic aimed at improving the human rights system of the state; with the introduction of mediation practice in the settlement of disputes; when improving the legal regulation of the organization and implementation of advocacy by introducing changes proposed by the author to a number of legislative acts in this area; in the process of teaching such legal disciplines as "Advocacy", "Criminal Procedure", "Criminalistics" in the system of advanced training of assistants, trainees and lawyers, when considering issues related to improving the practice of using general professional powers by lawyers, including in research activities when analysis of a number of legal institutions associated with the legal profession.

**Scope:** lawmaking, law enforcement, advocacy activity, mediation activity, criminal procedure, criminalistics.